| 22171200 | Инсулин жана инсулиндүү препараттарды алуу |
| **22172000** | **Медициналык кызматтарды сатып алууга байланышкан чыгымдар** |
| 22172100 | Лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү сатып алуу үчүн чыгымдар |
| **22180000** | **Тамак-аш азыктарын алуу** |
| **22181000** | Тамак-аш азыктарын алуу |
| 22181100 | Тамак-аш азыктарын алуу |
| 22181200 | Тамак-аш азыктарына төлөмдөрдү компенсациялоо |
| **22200000** | **Товарларды жана кызматтарды сатып алуу** |
| **22210000** | **Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар** |
| **22211000** | **Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар** |
| 22211100 | Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар |
| 22211200 | Курулмаларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар |
| 22211300 | Камсыз кылууларды жана шаймандарды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар |
| **22220000** | **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу** |

| | |
|---|---|
| **22221000** | **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу** |
| 22221100 | Камсыз кылууларды алуу |
| 22221200 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка предметтерди жана материалдарды сатып алуу |
| **22230000** | **Кийим мүлкүн жана башка формалык жана атайын формалык предметтерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо** |
| **22231000** | **Кийим мүлкүн жана башка формалык жана атайын формалык предметтерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо** |
| 22231100 | Кийим мүлкүн жана башка формалык жана атайын формалык предметтерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо |
| **22240000** | **Көмүрдү сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн алуу** |
| **22241000** | **Көмүрдү сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн алуу** |
| 22241100 | Таш көмүрдү сатып алуу |
| 22241200 | Отундун башка түрлөрүн алуу |
| **22250000** | **Күзөт кызматтарын сатып алуу** |
| **22251000** | **Күзөт кызматтарын сатып алуу** |
| 22251100 | Мекемеден сырткары күзөттүн тейлөө кызматтарын сатып алуу |
| 22251900 | Башка күзөт кызматтарын сатып алуу |
| **22260000** | **Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча банктардын кызматтарын төлөөгө чыгашалар** |
| **22261000** | **Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча банктардын кызматтарын төлөөгө чыгашалар** |
| 22261100 | Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу, төлөөгө байланышкан каржы кызматтары |
| 22261200 | Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу, төлөөгө байланышкан башка кызматтары |
| 22261300 | Улуттук банктын, коммерциялык банктардын, финансы-кредиттик мекемелердин башка кызматтары |
| 22261400 | Казына системасын тейлөө боюнча акционердик-коммерциялык банктардын кызматтары |
| **22300000** | **Коммуналдык кызматтар** |

| | |
|---|---|
| **22310000** | **Ссуга акы** |
| **22311000** | **Ссуга акы** |
| 22311100 | Ссуга акы |
| **22320000** | **Электр энергиясына акы** |
| **22321000** | **Электр энергиясына акы** |
| 22321100 | Электр энергиясына акы |
| **22330000** | **Жылуулук энергиясына акы** |
| **22331000** | **Жылуулук энергиясына акы** |
| 22331100 | Жылуулук энергиясына акы |
| **22340000** | **Газга акы** |
| **22341000** | **Газга акы** |
| 22341100 | Газга акы |
| **22350000** | **Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы** |
| **22351000** | **Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы** |
| 22351100 | Лифтти колдонуу үчүн акы |
| 22351200 | Унаа токтотуучу жайлардын жана гараждардын ижарасына акы |
| **24000000** | **Пайыздар** |
| **24100000** | **Резидент эместерге пайыздар** |
| **24110000** | **Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө** |
| **24111000** | **Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө** |
| 24111100 | Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө |
| **24200000** | **Мамлекеттик башкаруу секторунан тышкары резиденттерге төлөнүүчү пайыздар** |
| **24210000** | **Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө** |
| **24211000** | **Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө** |
| 24211100 | Мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө |

| | |
|---|---|
| 24211200 | Мамлекеттик узак мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө |
| **24220000** | **Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызын төлөө** |
| **24221000** | **Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызын төлөө** |
| 24221100 | Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызын төлөө |
| **24300000** | **Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздар** |
| **24310000** | **Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө** |
| **24311000** | **Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө** |
| 24311100 | Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө |
| **25000000** | **Субсидиялар** |
| **25100000** | **Мамлекеттик ишканаларга субсидиялар** |
| **25110000** | **Каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар** |
| **25111000** | **Каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар** |
| 25111100 | Каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар |
| **25120000** | **Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар** |
| **25121000** | **Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар** |
| 25121100 | Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар |
| **25200000** | **Менчик ишканаларга субсидиялар** |
| **25210000** | **Каржылык эмес менчик ишканаларга субсидиялар** |
| **25211000** | **Каржылык эмес менчик ишканаларга субсидиялар** |
| 25211100 | Каржылык эмес менчик ишканаларга субсидиялар |
| **25220000** | **Каржылык менчик ишканаларга субсидиялар** |
| **25221000** | **Каржылык менчик ишканаларга субсидиялар** |
| 25221100 | Каржылык менчик ишканаларга субсидиялар |
| **26000000** | **Гранттар** |
| **26100000** | **Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө гранттар** |
| **26110000** | **Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө учурдагы гранттар** |

| | |
|---|---|
| **26111000** | **Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө учурдагы гранттар** |
| 26111100 | Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө учурдагы гранттар |
| **26120000** | **Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө капиталдык гранттар** |
| **26121000** | **Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө капиталдык гранттар** |
| 26121100 | Чет өлкөлүк мамлекеттер өкмөттөрүнө капиталдык гранттар |
| **26200000** | **Эл аралык уюмдарга гранттар** |
| **26210000** | **Эл аралык уюмдарга учурдагы гранттар** |
| **26211000** | **КМШ алкагында эл аралык уюмдарга жана бирикмелерге төгүмдөр** |
| 26211100 | Эл аралык уюмдарга төгүмдөр |
| 26211200 | КМШ алкагында интеграциялык бирикмелерге төгүмдөр |
| 26211900 | Дагы башка кайтарымсыз которуулар |
| **26220000** | **Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар** |
| **26221000** | **Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар** |
| 26221100 | Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар |
| **26300000** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар** |
| **26310000** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар** |
| **26311000** | **Жергиликтүү бюджеттерге гранттар** |
| 26311100 | Категориялык гранттар |
| 26311200 | Теңештирүү гранттары |
| 26311300 | Түрткү берүүчү гранттар |
| **26312000** | **өз ара эсептешүүлөр боюнча берилүүчү каражаттар** |
| 26312100 | Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке өз ара эсептешуулөр боюнча өткөрулуп берилуучу каражаттар |
| 26312200 | Жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке өз ара эсептешуулөр боюнча өткөрулуп берилуучу каражаттар |
| 26312400 | Жергиликтүү бюджеттердин деңгээлдери ортосунда өткөрүлүп берилуучу каражаттар |
| **26313000** | **Субвенциялар** |
| 26313100 | Социалдык фондго субвенциялар |

| | |
|---|---|
| **26320000** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар** |
| **26321000** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар** |
| 26321100 | Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар |
| **27000000** | **Социалдык жөлөк пулдар жана төлөмдөр** |
| **27100000** | **Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пул** |
| **27110000** | **Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пул** |
| **27111000** | **Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пул** |
| 27111100 | Калкты социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү |
| 27111200 | Бийик тоолуу шартта жана жетүүгө кыйын райондордо иштегендиги үчүн жеңилдик пенсиясы |
| 27111300 | Аскер кызматчыларына пенсиялар |
| 27111400 | Көп балалуу энелерге жана бала кезинен майыптардын энелерине пенсиялар |
| 27111500 | Калктын айрым категорияларына пенсиялар |
| 27111600 | Бийик тоолуу шартта жана жетүүгө кыйын райондордо иштегендиги үчүн жеңилдик пенсиясы |
| **27112000** | **Аскер кызматчыларын мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу** |
| 27112100 | Аскер кызматчылары курман болгон, майыптык алган учурда аларды мамлекеттик милдеттүү өздүк камсыздандыруу |
| **27113000** | **Калкты социалдык камсыздандыруу боюнча төлөөлөр** |
| 27113100 | Электр энергиясы үчүн пенсияларга компенсациялык төлөөлөр |
| 27113200 | Иште жаракат алганы үчүн компенсациялык төлөөлөр |
| 27113300 | Чернобыль АЭСда авариянын кесепеттерин жоюунун катышуучуларына компенсациялык төлөмдөр |
| **27114000** | **Калкты социалдык камсыздандыруу боюнча үстөк акы** |
| 27114100 | Майыптар пенсиясына үстөк акы |
| 27114200 | өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн пенсияга үстөк акы |
| **27115000** | **Калкты медициналык камсыздандыруу** |

| | |
|---|---|
| 27115100 | 16 жашка чейинки балдарды медициналык камсыздандыруу |
| 27115200 | Пенсионерлерди медициналык камсыздандыруу |
| 27115300 | Социалдык жөлөк пул алган адамдарды медициналык камсыздандыруу |
| **27200000** | **Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул** |
| **27210000** | **Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул** |
| **27211000** | **Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул** |
| 27211100 | Аз камсыз болгон уй булөлөргө жөлөк пул |
| 27211200 | Бала төрөлгөндө бир жолку жөлөк пул |
| 27211300 | Бала 1,5 жашка чыкканга чейин энеге жөлөк пул |
| 27211400 | Жумушсуздук боюнча жөлөк пул |
| 27211500 | Калкка социалдык төлөөлөр |
| 27211600 | Баккан адамынан айрылганга байланыштуу компенсациялык төлөөлөр |
| **27212000** | **Дагы башка социалдык жөлөк пул жана төлөөлөр** |
| 27212100 | Убактылуу эмгекке жарамсыздыгы боюнча жөлөк пул |
| 27212200 | Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пул |
| 27212300 | Сөөк коюуга жөлөк пул төлөө |
| **27213000** | **Жеӊилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеӊилдиктер** |
| 27213100 | Жеӊилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеӊилдиктер |
| **27214000** | **Калктын ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү боюнча дагы башка чыгашалар** |
| 27214100 | Кесиптик окутууга чыгашалар |
| 27214200 | Коомдук иштерди уюштурууга чыгашалар |
| 27214300 | Чакан кредиттөөгө чыгашалар |
| 27214400 | Жумуш орунуна чек |
| **27215000** | **Ден соолукту чыӊдоо иш-чараларына чыгашалар** |
| 27215100 | Кызматкерлерди жана алардын уй бүлө мучөлөрүнүн ден соолугун чыӊдоо иш-чараларына чыгашалар |
| **27216000** | **Табигый кырсыктардан жабыркаган калкка кайтарымсыз жардам** |
| 27216100 | Табигый кырсыктардан жабыркаган калкка кайтарымсыз жардам |

| | |
|---|---|
| **28000000** | **Башка чыгашалар** |
| **28200000** | **Дагы башка ар түрдүү чыгашалар** |
| **28210000** | **Стипендиялар** |
| **28211000** | **Стипендиялар** |
| 28211100 | Стипендиялар |
| **28220000** | **Капиталдык дагы башка ар түрдүү чыгашалар** |
| **28221000** | **Капиталдык дагы башка ар түрдүү чыгашалар** |
| 28221100 | Капиталдык дагы башка ар түрдүү чыгашалар |
| **28230000** | **Соттун чечимдердин аткаруу** |
| **28231000** | **Соттун чечимдердин аткаруу** |
| 28231100 | **Соттун чечимдердин аткаруу** |
| 28231200 | Ээлеген кызматынан мыйзамсыз бошотулган кызмат адамдарына компенсациялар |
| **28240000** | **Резервдик фонддор** |
| **28241000** | **Резервдик фонддор** |
| 28241100 | Резервдик фонддор |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-жылдын 14-августундагы № 44\1**

## Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 12-августундагы № 43/2 «Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 12-августунан тартып Евразия экономикалык кызматташуу бирлигине расмий өтүшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын республиканын аймагына бажы тариздөөсүнөн өткөрбөстөн товарлардын алынып келинишине байланыштуу төлөмдөрдүн түшүп жатышын жана банк системасында төлөм багыттарынын жаңы коддорун кыска мөөнөт аралыгында белгилөө зарылчылыгын камтыган кайрылуусун эске алып, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 12-августундагы № 43/2 «Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

Жогоруда белгиленген токтомдун 4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«4. Токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.».

2. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин жана республиканын коммерциялык банктарын тааныштырсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Б.Ж.Жеенбаевага ыйгарылсын.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **Н.Жениш**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-жылдын 19-августундагы № 45\1**

## «Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5, 7 жана 43-beренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кароого сунушталган «Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобо (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:
– бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;
– расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн тааныштырсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

# «Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жобо

## 1. Жалпы шарттар

1. Бул жободо, Кыргыз Республикасы тарабынан (мындан ары – Улуттук банк) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте Кыргыз Республикасында түзүлгөн өз ишин мамлекеттер аралык жана/же өкмөттөр аралык келишимдердин жана уставдын негизинде жүзөгө ашырган эл аралык уюмдарга (мындан ары - Уюм) республиканын экономикасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүсү максатында кредит берүү тартиби аныкталган.
2. Улуттук банк кредиттерди Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5 жана 33-беренелерине, ушул жобого жана Улуттук банк менен Уюмдар ортосунда түзүлгөн, Кредит берүү боюнча башкы келишимге ылайык сунуштайт. Кредит берүү боюнча башкы келишимдин типтүү формасы ушул жобого карата 1-тиркемеде келтирилген.
3. Кредит мөөнөттүүндө төлөө, төлөөгө жөндөмдүүлүк, өз учурунда кайтаруу жана камсыздоо сыяктуу кредиттөөнүн жалпы принциптерин сактоо менен улуттук валютада сунушталат.
4. Уюмдарга кредиттер Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүү жана узак мөөнөттүү экономикалык өсүшкө колдоо көрсөтүү максатында сунушталат.
5. Улуттук банк тарабынан берилген кредиттер уюмду уюштуруу тууралуу мамлекеттер аралык жана/же өкмөттөр аралык келишимдерде, уюмдардын уставында аныкталган, ушул жобонун 4-пунктунун талаптарына каршы келбегенмаксаттарга жана милдеттерди аткаруу үчүн гана пайдаланылууга тийиш.
6. Кредит берүү шарттары жана анын көлөмү боюнча чечим Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат.
7. Кредит боюнча пайыздык чен Улуттук банк Башкармасы тарабынан белгиленет жана ал зарылчылыкка жараша, пайыздык ченди өзгөртүүгө чейинки кеминде бир ай мурда уюмга ал тууралуу маалымдалган шартта гана өзгөртүлүшү мүмкүн.
8. Улуттук банк уюмдарга кредиттерди андан ары пролонгациялоо мүмкүнчүлүгү менен 6 айга сунуштайт.
9. Кредитти кайтарып берүү милдеттенмеси күрөө менен камсыздалат. Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы (АКШ доллары жана/же евро) күрөө предметинен болуп

саналат. Күрөөлүк камсыздоонун көлөмүнүн жетиштүүлүгүнө (пайыздык туюндурууда) анын түрүнө жана башка параметрлерине карата талаптар Улуттук банк Башкармасы тарабынан белгиленет.

## 2. Колдонулган терминдер жана түшүнүктөр

10. Уюмдарга берилген кредиттер жөнүндө башкы келишим (мындан ары – Башкы келишим) – бул Улуттук банк менен уюм ортосунда түзүлгөн, Улуттук банктын уюмдарга кредит берүү шарттарын жана тартибин, андан улам келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуу эрежелерин аныктаган, кат жүзүндө тариздделинген келишим. Башкы келишим ушул жобого карата 1-тиркемеде көрсөтүлгөн формада жана уюмдар жобонун 14-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарга ылайык келген учурда түзүлөт.
11. Күрөө келишими – бул, Улуттук банк Башкармасынын чечиминин жыйынтыгы боюнча Башкы келишимдин алкагында Улуттук банк менен Уюм ортосунда түзүлгөн келишим. Анын негизинде Уюмдун алган кредитти кайтарып берүүгө милдеттенмеси күрөө менен камсыздалат. Келишимде күрөөлүк камсыздоону сунуштоо шарттары жана тартиби аныкталат жана ал Башкы келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
12. Улуттук банк Башкармасы – Улуттук банктын негизги иш багытын аныктаган, Улуттук банктын ишине жетекчиликти жүзөгө ашырган коллегиалдуу орган.
13. Кредиттик келишим – бул, Улуттук банк Башкармасынын чечиминин жыйынтыгы боюнча Башкы келишимдин алкагында Улуттук банк менен Уюм ортосунда түзүлгөн келишим. Улуттук банк анын негизинде Уюмга улуттук валютада кредит берет. Келишимде кредитти сунуштоо жана аны төлөө шарттары жана тартиби аныкталат, ал Башкы келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 3. Кредит берүү шарттары

14. Улуттук банктан кредит алуу үчүн Уюм төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:
    – Кыргыз Республикасы менен Европа экономикалык бирлигине кирген башка мамлекет (мамлекеттер) ортосунда түзүлгөн мамлекеттер аралык жана/же өкмөттөр аралык келишимге ылайык түзүлүп, иш алып барууга;
    – Уюмдун статусу, иш максаттары жана милдеттери аныкталган уставга ээ болууга;
    – улуттук валютада кредиттерди тейлөө үчүн Улуттук банкта эсептешүү эсебине ээ болууга;
    – депозиттик эсепке ээ болууга жана Улуттук банктагы күрөөлүк камсыздоо үчүн ушул жобого карата 2-тиркемде көрсөтүлгөн

формада чет өлкө валютасында депозиттик эсептерди ачуу жана тейлөө келишимине кол коюуга;
- Улуттук банк менен кол коюлган Башкы келишимге ээ болууга;
- Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарга жооп берген жетиштүү күрөөлүк камсыздоону сунуштоого;
- алынган кредиттер жана ага тиешелүү пайыздар боюнча Улуттук банк алдында мөөнөтүндө төлөнбөгөн акчалай милдеттенмелери болбоого;
- Уюмдун атынан операцияларды ишке ашырууга, анын каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдардын Уюмдун төрагасы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн, кол тамга үлгүлөрү менен жооптуу адамдардын тизмесин Улуттук банкка берүүгө.

15. Уюм Улуттук банктан алган кредиттерди мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун кошо алганда, банктар аралык рынокто, валюта рыногунда жана баалуу кагаздар рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле өз инсайдерлери менен операцияларды ишке ашыруу үчүн пайдаланууга укугу жок. Уюм Улуттук банктан алган кредиттерди ушул жобонун 5-пунктунда белгиленген максаттарга гана пайдаланууга тийиш. Ушул пункттун шарттарын бузууга жол бергендиги үчүн жоопкерчилик жободо жана Башкы келишимде аныкталат.

## 4. Кредит алуу тартиби

16. Уюм кредит алуу үчүн кредиттин көлөмүн, максималдуу пайдалануу мөөнөтүн, ошондой эле күрөөлүк камсыздоону көрсөтүү менен ыйгарым укуктуу адам тарабынан кол коюлган өтүнүч катты Улуттук банктын дарегине жөнөтүүгө тийиш.
17. Кредит берүү, пайыздык чендер, кредит берүү шарттары, анын мөөнөттөрү жана көлөмү тууралуу чечим Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилет.

## 5. Кредиттин күрөөлүк камсыздоосу

18. Кредиттер күрөөлүк камсыздоо алдында гана берилет. Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндө нак эмес чет өлкө валютасы (АКШ доллары жана/же евро) Уюмдун кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоосу катары колдонулат.
19. Кредиттин камсыздоосу катары сунушталган күрөө Улуттук банктын тиешелүү макулдугусуз күрөөгө коюлушу же үчүнчү жакка кайра күрөөгө коюлушу мүмкүн эмес. Күрөөлүк камсыздоо катары сунушталган акча каражаттары эгерде күрөө келишиминде башкасы каралбаса, Уюмдун менчик укугуна таандык болууга тийиш.

20. Күрөөлүк камсыздоонун жетишсиздиги Уюм талап кылган кредит суммасын берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.
21. Уюм Башкы келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбай койгон же талаптагыдай аткара албай калган, ошондой эле Башкы келишимде жана Күрөө келишиминде каралган башка учурларда Улуттук банк өз талабын күрөөгө коюлган каражаттардан соттук эмес тартипте өндүрүүнү жүргүзүү аркылуу жана күрөө келишиминде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган шарттарга жана талаптарга ылайык, аны соттук эмес тартипте сатып өткөрүүнүн эсебинен толук көлөмдө канааттандырып алууга укуктуу.
22. Уюм кредит жана ага чегерилген пайыздар боюнча өз милдеттенмелерин учурунда жана толук аткарган шартта Улуттук банк 5 жумуш күнү ичинде күрөөнү бошотуп берүүгө тийиш.

## 6. Эсептешүүлөрдү жүргүзүү

23. Улуттук банк тарабынан Уюмдарга кредит берилген шартта улуттук валютадагы акча каражаттары Уюмдун эсебине Улуттук банк менен Уюм ортосунда тиешелүү кредиттик келишимге (Башкы келишимге карата 1-тиркеме) жана Күрөө келишимине (Башкы келишимге карата 2-тиркеме) кол коюлуп, Күрөө келишими ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүлгөндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен чегерилет.
24. Улуттук банк менен Уюм ортосунда Кредиттик келишимге жана Күрөө келишимине кол коюу жана аларды тариздетүү Уюмга кредит берүү жөнүндө чечим Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынгандан кийинки 3 жумуш күнү ичинде, ал эми ыйгарым укуктуу органда Күрөө келишимин каттоодон өткөрүү 1 жумуш күнү ичинде ишке ашырылууга тийиш. Күрөөлүк камсыздоо катары колдонулган чет өлкө валютасында эсептешүүлөрдү ишке ашыруу шарттары жана мөөнөттөрү Улуттук банк менен Уюм ортосунда кол коюлган, ушул жобонун 2-тиркемесинде көрсөтүлгөн Улуттук банктагы күрөөлүк камсыздоо алдында чет өлкө валютасында депозиттик эсептерди ачуу жана тейлөө келишими аркылуу жөнгө салынат.
25. Кредиттин суммасына пайыздарды эсептөө жыл ичинде 365 күн, ай ичиндеги күндөрдүн айкын санына жараша кредитти пайдаланган мезгил үчүн пайыздарды эсептөөнүн төмөндө келтирилген формула боюнча ишке ашырылат:

    $P = (C \times I \times T)/365/100$, мында:

    – P – кошуп эсептелинген пайыздар ;
    – C –кредиттин суммасы (сом);
    – I – чени (жылдык %);
    – T – кредит берилген мөөнөт (күндөр менен).

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги жана санкциялар

26. Уюм, Кредиттик келишимди жана Күрөө келишимин тариздетүү үчүн күрөөлүк камсыздоону өз учурунда сунуштоо, келишимдерге кол коюп, ушул жобонун 24-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде ыйгарым укуктуу органда Күрөө келишимин каттоодон өткөртүү үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.
27. Уюм, Улуттук банктан алынган кредитти максаттуу пайдалануу, кредиттин негизги суммасын жана ага чегерилген пайыздарды өз учурунда жана толук төлөө үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.
28. Эгерде кредиттин негизги суммасына, ага чегерилген пайыздарга байланыштуу кандай болбосун төлөм жана Башкы келишимден, Кредиттик келишимден улам келип чыккан башка төлөмдөр белгиленген мөөнөт ичинде жана/же толук көлөмдө төлөнбөй калса, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз катары эсептелинет жана Уюмга карата башкы келишимде каралган айыптык санкциялар колдонулат.
29. Уюм ушул жобонун 5 жана 15-пункттарынын талаптарын бузууга жол берсе, Улуттук банк андан кредитти мөөнөтүнөн мурда кайтарып берүүнү жана кредитти пайдаланган айкын убакыт үчүн чегерилген пайыздарды төлөөнү талап кылууга укуктуу.
30. Улуттук банк алынган каражаттарын натыйжасыз, анын ичинде максатка ылайыксыз пайдаланышынан улам, Уюм дуушар болгон чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.
31. Улуттук банк берилген кредиттер боюнча маалыматтарды Уюмдан талап кылып алууга укуктуу.
32. Уюм Улуттук банкка анын талабы боюнча берилген маалыматтардын толуктугу, өз учурунда берилиши жана тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

## 8. Кредитти пролонгациялоо тартиби

33. Уюм ушул жобонун, Башкы келишимдин талаптарын, кредит боюнча өз милдеттенмелерин өз учурунда толук аткарган шартта Улуттук банк Уюмдун өтүнүч катынын негизинде кредиттерди 6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө пролонгациялоого укуктуу.
34. Улуттук банк тарабынан Уюмга берилген кредиттер баштапкы пайыздык чен боюнча 9 (тогуз) жолу гана узартылышы мүмкүн.
35. Уюм кредиттерди пролонгациялоо үчүн кредит мөөнөтү бүткөнгө чейинки кеминде 1 ай мурда Кредиттик келишимге карата кредитти пролонгациялоо жөнүндө кошумча келишимди түзүү үчүн өтүнүч кат менен Улуттук банкка кайрылууга тийиш.
36. Эгерде кредиттин негизги суммасына, ага чегерилген пайыздарга байланыштуу кандай болбосун төлөм жана Башкы келишимден, Кредиттик келишимден улам келип чыккан башка төлөмдөр белгиленген мөөнөт ичинде жана/же толук көлөмдө төлөнбөй калса,

мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз катары эсептелинет жана Уюмга карата Башкы келишимде каралган айыптык санкциялар колдонулат.

## 9. Кредитти төлөө тартиби

37. Кредиттин негизги суммасын төлөө кредит мөөнөтү бүткөн күнү Уюмдун Улуттук банктагы улуттук валютада ачылган эсебинен акча каражаттарынын суммасын Улуттук банктын тиешелүү эсебине чегерүү аркылуу, операциялык күндүн акырына чейин ишке ашырылууга тийиш.
38. Эгерде кредиттин негизги суммасын жана/же ага чегерилген пайыздарды төлөө майрам күндөрүнө, жумуш эмес күнгө же дем алыш күндөрүнө туура келип калса, анда кредиттик ресурстардын негизги суммасы жана/же ага чегерилген пайыздар кийинки жумуш күнү төлөнөт.
39. Кредиттин негизги суммасы жана/же ага чегерилген пайыздар толук төлөнүүгө тийиш, мында бөлүп төлөөгө жол берилбейт.
40. Уюм негизги карызды жана пайыздарды Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралган шартта мөөнөтүнөн мурда толук төлөөгө укуктуу. Бул үчүн ал төлөө пландаштырылган күнгө чейинки бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө Улуттук банкка ал тууралуу алдын ала билдирме жөнөтүүгө тийиш.
41. Уюм кредит жана ага чегерилген пайыздар боюнча милдеттенмелерин өз учурунда жана толук аткарган шартта күрөө ушул жобонун 22-пунктуна ылайык бошотулуп берилет.
42. Кредит өз учурунда төлөнбөсө, төлөөнү кийинкиге жылдырууга жол берилбейт. Уюмдун кредит боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз үчүн жоопкерчилиги Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралат.
43. Ушул жобого ылайык Уюмга берилген кредит мөөнөтүндө төлөнбөсө, Улуттук банк аталган жобого, Башкы келишимге, Күрөө келишимине ылайык күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүүнүн эсебинен кредитти, ага чегерилген пайыздарды, туумдарды жана айыптык төлөмдөрдү төлөтүп алууга укуктуу.

## 10. Корутунду жобо

44. Ушул жобого кредит берүү ишин өркүндөтүүгө багытталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор Улуттук банк Башкармасынын чечими менен кабыл алынат.

**«Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жобого карата 1-тиркеме**

## ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ТАРАБЫНАН БАШКА МАМЛЕКЕТТЕР МЕНЕН БИРГЕЛИКТЕ ТҮЗҮЛГӨН ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА КРЕДИТТЕРДИ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ БАШКЫ КЕЛИШИМ

Бишкек шаары № ________ 20__-жылдын «__»_________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана 20____-жылдын «__»______ буйруктун негизинде иш алып барган ________________________ бир тараптан жана мындан ары «Уюм» деп аталуучу ___________________________атынан уставдын негизинде иш алып барган ____________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар Улуттук банк Башкармасынын 20___-жылдын «__»______ №____ токтом менен бекитилген «Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жобого таянып, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 5-беренесинин 9-2-пунктуна ылайык төмөнкүлөр боюнча ушул Башкы келишимди (мындан ары – Башкы келишим) түзүштү.

### 1. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Улуттук банк тарабынан төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөтүндө төлөө жана кайтарымдуулук шарттарында Уюмдун күрөөлүк камсыздоосу алдында улуттук валютада кредит берүү шарттарын жана тартибин аныктоо, ушундан улам келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуу ушул Башкы келишимдин предмети болуп саналат.

### 2. КРЕДИТ БЕРҮҮ ШАРТТАРЫ

2.1. Кредит алуу жана аны пайдалануу тартиби тиешелүү жобо жана ушул Башкы келишим аркылуу жөнгө салынат.

2.2. Уюм ушул Башкы келишимдин талабына ылайык, кредит алуу үчүн кредиттин көлөмүн, максималдуу пайдалануу мөөнөтүн, ошондой эле күрөөлүк камсыздоону көрсөтүү менен ыйгарым укуктуу адам тара-

бынан кол коюлган өтүнүч катты Улуттук банктын дарегине жөнөтүүгө тийиш.

2.3. Уюм кредит алуу үчүн тиешелүү жобонун 14-пунктунда каралган талаптарга жооп берүүгө, жетиштүү өлчөмдөгү күрөөлүк камсыздоого ээ болууга, Уюмдун атынан операцияларды жүзөгө ашырууга жана Уюмдун эсептериндеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн кол тамга үлгүлөрү түшүрүлгөн эки карточканы Улуттук банкка берүүгө тийиш. Уюмдун атынан банктык көчүрмөлөрдү, төлөм тапшырмаларын жана башка документтерди алууга жоопкерчиликтүү адамга берилген ишеним катты Улуттук банкка берүүгө.

2.4. Кредит улуттук валютада Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн мөөнөткө берилет.

2.5. Уюм Улуттук банктан алган кредиттерди мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун кошо алганда, банктар аралык рынокто, валюта рыногунда жана баалуу кагаздар рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле өз инсайдерлери менен операцияларды ишке ашыруу үчүн пайдаланууга укугу жок. Эгерде Уюм ушул пунктта көрсөтүлгөн талаптарды бузууга жол берсе, ага карата Башкы келишимдин 5.5-пунктунда көрсөтүлгөн чаралар колдонулат. Уюм Улуттук банктан алган кредиттерди ушул жобонун 5-пунктунда белгиленген максаттарга гана пайдаланууга тийиш.

2.6. Кредиттин пайдаланууга тиешелүү ушул Башкы келишимдин 2.5-пунктунда көрсөтүлгөн чектөөлөр Уюмдун банк-карыз алуучуларына да таркатылат. Уюм менен анын банк-карыз алуучулары ортосунда кол коюлган келишимдерде милдеттүү түрдө тиешелүү пункттар камтылууга тийиш. Уюмдан кредит алышкан банк-карыз алуучулар мыйзам бузууларга жол бергендиги фактысы аныкталса жана ал тууралуу тиешелүү билдирме Уюмга келип түшсө, Уюм, банк-карыз алуучуга берилген кредитти кайтарып алууга жана кемчиликке жол берген банк-карыз алуучуга карата түзүлгөн келишимдерде аныкталган чараларды колдонууга тийиш.

2.7. Уюмга кредит тиешелүү Кредиттик келишимди тариздетүү аркылуу берилет, анда кредит берүүнүн айкын шарттары: кредиттин өлчөмү (суммасы), мөөнөтү, пайыздык чен, кредиттин негизги суммасын жана пайыздарды төлөө шарттары камтылууга тийиш. Кредиттик келишимде ушул Башкы келишимге шилтемелер келтирилиши зарыл.

2.8. Улуттук банк менен Уюм ортосунда Кредиттик келишимге жана Күрөө келишимине кол коюу жана аларды тариздетүү Уюмга кредит берүү жөнүндө чечим Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынгандан кийинки 3 жумуш күнү ичинде, ал эми Күрөө келишимин ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөртүү 1 жумуш күнү ичинде ишке ашырылууга тийиш. Күрөөлүк камсыздоо катары колдонулган чет өлкө валютасында эсептешүүлөрдү ишке ашыруу шарттары жана мөөнөттөрү Улуттук банкта күрөөлүк камсыздоо алдында чет өлкө валютасындагы депозиттик эсептерди ачуу жана тейлөө келишими аркылуу жөнгө салынат.

2.9. Уюм, Улуттук банктан алынган, жайгаштырыла элек кредиттик ресурстарды кредиттерди тейлөө үчүн Улуттук банкта ачылган Уюмдун

эсептешүү эсебинде, Уюм ал каражаттарды республиканын коммерциялык банктарына жана/же тике карыз алуучуларга айкын берген учурга чейин сактап турууну камсыз кылат.

2.10. Кредиттин суммасына пайыздарды эсептөө жыл ичинде 365 күн, ай ичиндеги күндөрдүн айкын санына жараша кредитти пайдаланган мезгил үчүн пайыздарды эсептөөнүн төмөндө келтирилген формуласы боюнча ишке ашырылат:

P = (C x I x T)/365/100, мында:

– P – кошуп эсептелинген пайыздар;
– C – кредиттин суммасы (сом);
– I – чени (жылдык %);
– T – кредит берилген мөөнөт (күндөр менен).

2.11. Акча каражаттары Улуттук банк тарабынан уюмга берилген кредиттерди тейлөө үчүн анын Улуттук банкта ачылган эсептешүү эсебине (мындан ары – эсеп) чегерүү Улуттук банк менен уюм ортосунда тиешелүү кредиттик келишимге, күрөө келишимине кол коюулуп, күрөө келишими ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөрүлүп, таризделгенден кийинки күндөн кечиктирилбестен ишке ашырылат.

2.12. Тараптар жобонун жана ушул башкы келишимдин бардык талаптарынын аткарылышына кепилдик беришет.

## 3. КРЕДИТТИН КАМСЫЗДООСУ

3.1. Кредиттер күрөөлүк камсыздоо алдында гана берилет. Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндө нак эмес чет өлкө валютасы (АКШ доллары жана/же евро) Уюмдун кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоосу катары колдонулат.

3.2. Кредиттин камсыздоосу катары сунушталган күрөө Улуттук банктын тиешелүү макулдугусуз күрөөгө коюлушу же үчүнчү жакка кайра күрөөгө коюлушу мүмкүн эмес. Күрөөлүк камсыздоо катары сунушталган акча каражаттары эгерде күрөө келишиминде башкасы каралбаса, Уюмдун менчик укугуна таандык болууга тийиш.

3.3. Күрөөлүк камсыздоонун жетишсиздиги Уюм талап кылган кредит суммасын берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

3.4. Уюм Башкы келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбай койгон же талаптагыдай аткара албай калган, ошондой эле Башкы келишимде жана Күрөө келишиминде каралган башка учурларда Улуттук банк өз талабын күрөөгө коюлган каражаттардан соттук эмес тартипте өндүрүүнү жүргүзүү аркылуу жана күрөө келишиминде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган шарттарга жана талаптарга ылайык, аны соттук эмес тартипте сатып өткөрүүнүн эсебинен толук көлөмдө канааттандырып алууга укуктуу.

3.5. Уюм кредит жана ага чегерилген пайыздар боюнча өз милдеттенмелерин учурунда жана толук аткарган шартта Улуттук банк 5 жумуш күнү ичинде күрөөнү бошотуп берүүгө тийиш.

## 4. КРЕДИТТИ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ

4.1. Кредиттин негизги суммасын төлөө кредит мөөнөтү бүткөн күнү Уюмдун Улуттук банктагы улуттук валютада ачылган эсебинен акча каражаттарынын суммасын Улуттук банктын тиешелүү эсебине чегерүү аркылуу, операциялык күндүн акырына чейин ишке ашырылууга тийиш. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды чегерүү жана төлөө Кредиттик келишимге ылайык Уюм тарабынан ай сайын жүзөгө ашырылып турат.

4.2. Эгерде кредиттин негизги суммасын жана/же ага чегерилген пайыздарды төлөө майрам күндөрүнө, жумуш эмес күндөргө же дем алыш күндөрүнө туура келип калса, анда кредиттик ресурстардын негизги суммасы жана/же ага чегерилген пайыздар кийинки жумуш күнү төлөнөт.

4.3. Кредиттин негизги суммасы жана/же ага чегерилген пайыздар толук төлөнүүгө тийиш, мында бөлүп төлөөгө жол берилбейт.

4.4. Уюм негизги карызды жана пайыздарды Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралган шартта мөөнөтүнөн мурда толук төлөөгө укуктуу. Бул үчүн ал төлөө пландаштырылган күнгө чейинки бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө Улуттук банкка ал тууралуу алдын ала билдирме жөнөтүүгө тийиш.

4.5. Уюм кредит жана ага чегерилген пайыздар боюнча милдеттенмелерин өз учурунда жана толук аткарган шартта, Улуттук банк күрөөнү 5 (беш) жумуш күнү ичинде бошотуп берүүгө тийиш.

4.6. Уюмдун кредит боюнча өз милдеттенмелерин аткарышынан улам Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндө нак эмес чет өлкө валютасы формасындагы күрөө катары колдонулган акча каражаттары бошотулуп берилген шартта, Уюм төлөм багытын жана анын негиздемелерин милдеттүү түрдө толук жана так көрсөтүү менен SWIFT эл аралык стандарттарына ылайык SWIFT системасы боюнча (МТ 202 форматы) төлөм нускамасын Улуттук банкка сунуштоого милдеттүү. SWIFT системасы жөнгө салынбаган болсо, Уюм төлөм тапшырмасын жобонун 14-пунктуна жана ушул Башкы келишимдин 2.3-пунктуна ылайык сунушталган кол тамга үлгүлөрү түшүрүлгөн карточкада көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу адамдардын колу койдурулган кагаз жүзүндө берүүгө тийиш. Мында, Улуттук банкка саат 12:00гө чейин келип түшкөн төлөм нускамасы ошол валюталоо күнү аткарылат, ал эми Улуттук банкка саат 12:00дөн кийин түшкөн төлөм нускамасы кийинки жумуш күнү аткарылат.

4.7. Уюм кредиттин негизги суммасын жана/же ага чегерилген пайыздарды Кредиттик келишимде белгиленген мөөнөттөрдө төлөө милдеттенмесин аткарбай койгон учурда ал милдеттенмелер аткарылбаган учурдан тартып кредит боюнча аткарылбай калган милдеттенмелердин ордун жабууну кредиттин камсыздоосу катары сунушталган күрөө предметинен соттук эмес тартипте өндүрүүнү жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга Улуттук банкка укук чегерет. Улуттук банк бул учурда кредит боюнча өз милдеттенмесин белгиленген мөөнөттө аткарбай жаткандыгы тууралуу Уюмга кат жүзүндө билдирип, күрөө предметинен соттук эмес

тартипте өндүрүүнү жүргүзүү жол-жобосун баштай тургандыгы тууралуу маалымдайт.

4.8. Кредит боюнча Уюмдун милдеттенмелеринин аткарылбай калышынын ордун жабуунун эсебинде ага менчик укугу Улуттук банкка өткөн күрөө акча каражаттарын эсептен чыгаруу/алуу күнү Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курска ылайык Улуттук банктын балансына кабыл алынат.

4.9. Күрөөлүк мүлктөн өндүрүүнү жүргүзүүнүн эсебинен Уюмдун кредиттин негизги суммасы, ага чегерилген пайыздардын суммасы, туумдар жана айыптык санкциялар боюнча Улуттук банк алдындагы карызынын орду жабылууга тийиш.

4.10. Улуттук банктын Уюмга карата утурлама талаптарын чегеришүү аркылуу күрөөлүк мүлктөн өндүрүүнү жүргүзүү менен алынган сумма карыз ордун толук жабууга жетишсиз болуп калса, Улуттук банк жетпей калган сумманы Уюмдун Улуттук банкта ачылган эсептеринен каражаттарды эсептеп алып коюуну кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюмдун башка мүлкүнөн жана талап коюу укугунан толук көлөмдө алууга укуктуу.

4.11. Улуттук банктын бардык талаптарын канааттандыруудан кийин калган сумма Уюмдун Улуттук банктагы улуттук валютадагы эсебине чегерилет.

## 5. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

5.1. Уюм, тиешелүү жобого, ушул Башкы келишимге жана Кредиттик келишимдерге ылайык, кредит боюнча өз милдеттенмелери үчүн толук жоопкерчиликтүү болуп саналат.

5.2. Уюм,күрөөлүк камсыздоонун өз учурунда сунушталышы жана күрөө келишиминин ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

5.3. Уюм тиешелүү жобонун жана ушул Башкы келишимдин бардык шарттарынын жана талаптарынын так сакталышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат. Жобонун жана ушул Башкы келишимдин шарттарын жана талаптарын бузууга жол берген жана/же талаптагыдай аткарбаган учурда Улуттук банк жол берилген кемчиликтерге жараша төмөнкүдөй чараларды колдонууга укуктуу:

5.3.1. Берилген кредиттердин мөөнөтүнөн мурда кайтарылышын талап кылууга;

5.3.2. Улуттук банктын талабына ылайык акча каражаттары толук эмес жана/же өз учурунда кайтарылбаса, Улуттук банк ар бир мөөнөтүндө кайтарылбаган календардык күн үчүн карыз суммасынан 0,1 пайыз өлчөмүндө туум чегерүүгө;

5.3.3. Башкы келишимди токтотууга.

5.4. Эгерде кредиттин негизги суммасына, ага чегерилген пайыздарга байланыштуу кандай болбосун төлөм жана Башкы келишимден,

Кредиттик келишимден улам келип чыккан башка төлөмдөр белгиленген мөөнөт ичинде жана/же толук көлөмдө төлөнбөй калса, алар мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз катары эсептелинет жана аларга мөөнөтүндө төлөнбөгөн ар бир күн үчүн карыз суммасынан 0,1 пайыз өлчөмүндө туум чегерилет. Туумдар мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз орун алган күндөн тартып ал толук төлөнгөнгө чейинки орду жабылбаган суммага ар бир төлөнбөгөн күн үчүн чегерилет.

5.5. Уюм Улуттук банктан алынган кредиттин максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат. Ушул жобонун 5-пунктунда жана Башкы келишимдин 2.5-пунктунда көрсөтүлгөн талаптар бузууга жол берилген шартта, Улуттук банк кредиттин суммасын мөөнөтүнөн мурда кайтарып берүүнү, кредитти пайдаланган айкын убакыт үчүн чегерилген пайыздарды төлөөнү Уюмдан талап кылууга жана максатка ылайык пайдаланылбаган суммадан 1 (бир) пайыз өлчөмүндө айыптык төлөм чегерүүгө укуктуу.

5.6. Улуттук банк тиешелүү жобонун, ушул Башкы келишимдин жана Кредиттик келишимдин талаптарын бузууга жол берүүнүн кесепетинен Уюм дуушар болгон чыгымдар үчүн жооп бербейт.

5.7. Тараптар тиешелүү жобого жана ушул Башкы келишимге ылайык кредиттин берилши жана анын төлөнүшүнө тиешелүү операцияларды жүргүзүүгө байланыштуу өз кызматкерлеринин ишти талаптагыдай, өз учурунда аткарышы жана купуялуулукту сакташы үчүн толук жоопкерчиликтүү болуп саналышат.

5.8. Уюм берилген каражаттардын максаттуу пайдаланылышына контролдук үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат. Улуттук банк сунуштаган акча каражаттарын пайдалануу жагында талаптар жана чектөөлөр уюм менен анын кардарлары ортосунда тике каржылоо, ошондой эле республиканын коммерциялык банктары аркылуу каржылоодо банктар-карыз алуучулар ортосунда кол коюлган кредиттерди берүү келишимдеринде чагылдырылууга тийиш.

5.9. Улуттук банк берилген кредиттер боюнча кандай болбосун зарыл маалыматтарды Уюмдан талап кылып алууга укуктуу. Улуттук банктын талабы боюнча Уюм ошол талапта көрсөтүлгөн формада жана мөөнөттөрдө тиешелүү маалыматтарды жана башка зарыл документтерди берип турууга тийиш.

5.10. Уюм Улуттук банктын талабына ылайык, маалыматтардын өз учурунда, толук жана так берилиши үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

5.11. Улуттук банк алынган каражаттарын натыйжасыз, анын ичинде максатка ылайыксыз пайдаланышынан улам, Уюм дуушар болгон чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 6. КРЕДИТТИ ПРОЛОНГАЦИЯЛОО ТАРТИБИ

6.1. Уюм тиешелүү жобонун, Башкы келишимдин талаптарын, кредит боюнча милдеттенмелерин өз учурунда толук аткарган шартта Улуттук

банк Уюмдун өтүнүч катынын негизинде кредиттерди 6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө пролонгациялоого укуктуу.

6.2. Улуттук банктын Уюмга берилген кредиттери баштапкы пайыздык чен боюнча 9 (тогуз) жолу гана узартылышы мүмкүн.

6.3. Уюм кредиттерди пролонгациялоо үчүн кредит мөөнөтү бүткөнгө чейинки кеминде 1 ай мурда Кредиттик келишимге карата кредитти пролонгациялоо жөнүндө кошумча келишимди түзүү үчүн өтүнүч кат менен Улуттук банкка кайрылууга тийиш.

6.4. Эгерде кредит боюнча чегерилген пайыздар толук төлөнбөсө жана/же белгиленген мөөнөттө төлөнбөсө, анда мындай карыз мөөнөтүндө төлөнбөгөн катары эсептелинип, кредит андан ары пролонгацияланбайт жана Уюмга карата ушул Башкы келишимдин 5.4-пунктунда каралган айыптык санкциялар колдонулат.

## 7. ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАР

7.1. Эгерде, жердин силкиниши, башка бөөдө кырсыктар, мамлекеттик органдардын көргөн аракети жана кабыл алынган чечимдери, согуштук аракеттер, ошондой эле ушул Башкы келишимдин тараптарынын контролдугуна алынбаган жана Башкы келишим, Кредиттик келишим боюнча алардын өз милдеттенмелерин аткарууга тоскоолдук кылган жагдайларды кошо алганда, тике же кыйыр түрдө келип чыккан күтүүсүз жагдайлар (форс-мажордук) орун алган шартта, милдеттенмелерди аткаруу мөөнөттөрү форс-мажордук жагдайлар орун алган мезгил аралыгына шайкеш жылдырылат, бирок бүтүндөй ушул Башкы келишимди жана Кредиттик келишимди аткаруу мөөнөтүнө олуттуу таасир эте алган чекте же форс-мажордук жагдайлардын келип чыгышынан кийин аткарылууга тийиш болгон бөлүгүнө шайкеш гана узартылат.

7.2. Ушул Башкы келишимдин тараптары Башкы келишим жана Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга тоскоолдук кылган форс-мажордук жагдайдын келип чыкандыгы жана кийинчерээк алардын бүткөндүгү тууралуу 2 (эки) жумуш күнү ичинде бири-бирине оозеки жана кат жүзүндө дароо маалымдоого тийиш.

7.3. Тараптардын бири ушул Башкы келишим жана Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткара албай калса жана буга форс-мажордук жагдайдын кесепетинен улам жол берилсе, мындай жагдайдын кесепеттерин четтетүү үчүн ал мүмкүн болгон бардык чараларды көргөн болсо, мындай жагдай Башкы келишимди жана Кредиттик келишимди бузууга жол берген катары каралбайт.

## 8. ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮ

8.1. Башкы келишимдин талаптарын аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер жана пикир келишпестиктер өз ара алгылыктуу чечимди иштеп чыгуу максатында сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

8.2. Жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана республиканын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте чечилиши зарыл.

## 9. БАШКА ШАРТТАР

9.1. Башкы келишимдин шарттары тараптардын өз ара макулдугу боюнча толукталышы жана өзгөртүлүшү мүмкүн.

9.2. Башкы келишимге карата баардык толуктоолор жана өзгөртүүлөр кат жүзүндө түзүлүп, эки тарап кол койгон шартта анык болуп саналат.

9.3. Бул Башкы келишим тараптардын ар бири үчүн бирден, бирдей юридикалык күчкө ээ эки нускада расмий тилде түзүлгөн. Алардын бири Улуттук банкка, экинчиси Уюмга берилет.

9.4. Ушул Башкы келишимге карата 1, 2-тиркемелер анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 10. КЕЛИШИМДИ КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ ЖАНА АНЫ ТОКТОТУУ ТАРТИБИ

10.1. Башкы келишим эки тарап ага кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана бир жыл колдонулат. Башкы келишимдин токтотулушу алынган кредиттерди кайтарып берүү жана ушул Башкы келишимде каралган күрөө шарттарын сактоо боюнча Уюмдун милдеттенмелерин, ошондой эле Башкы келишимде жана тиешелүү жободо аныкталган тартипте күрөөнү бошотуп берүү жагындагы Улуттук банктын милдеттенмелерин токтотпойт.

10.2. Башкы келишим эгерде тараптардын бири келишимдин мөөнөтү бүткөнгө чейин 1 календардык ай мурда аны токтотуу ниетин билдирген кат жүзүндө өтүнүч менен кайрылбаса, кийинки ар бир календардык жылга узартылган катары эсептелинет.

10.3. Улуттук банк төмөнкү учурларда ал тууралуу Уюмга алдын ала билдирүүсүз эле ушул Башкы келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу:

– Уюм тиешелүү жобонун жана ушул башкы келишимдин шарттарын бузууга жол берсе;
– юридикалык жак катары Уюм өз ишин токтотсо.

## 11. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ ЖАНА РЕКВИЗИТТЕРИ

| | |
|---|---|
| **Улуттук банк:** | **Уюм:** |
| Кыргыз Республикасынын | Уюмдун аталышы |
| Улуттук банкы | Бишкек шаары, _________ көчөсү. |
| Кызмат орду__________________ | Кызмат орду_________________ |
| (кол тамгасы)_____________М.О. | (кол тамгасы)______________М.О. |

**«Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга сунушталуучу кредиттер жөнүндө» башкы келишимге карата 1-тиркеме**

**Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга сунушталуучу кредиттер жөнүндө башкы келишимге карата 20___-жылдын «__»_______ №_____ кредиттик келишим**

Бишкек шаары № _____ 20__-жылдын «__»_________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын жана 20____-жылдын «__»______ №_____буйруктун негизинде иш алып барган _______________________ бир тараптан жана мындан ары «Уюм» деп аталуучу ___________________________атынан уставдын негизинде иш алып барган ________________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди (мындан ары – келишим) түзүштү.

## 1. Кредиттик келишимдин предмети

Улуттук банк Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга сунушталуучу кредиттер жөнүндө 20____-жылдын «__»______ №_____ башкы келишимдин негизинде, уюмдун 20____-жылдын «__»______ өтүнүч катына, Улуттук банк Башкармасынын 20____-жылдын «__»______ чечимине жана ушул кредиттик келишимге ылайык уюмга ушул кредиттик келишимде, башкы келишимде жана Улуттук банк Башкармасынын 20____-жылдын «__»______ №_____ токтому менен бекитилген «Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жободо каралган шарттарда __________ суммасында (суммасы жазуу жүзүндө) кредит берет.

## 2. Кредит берүү шарттары

2.1. Кредит 20____-жылдын «__»______ 20____-жылдын «__»______ чейинки мөөнөткө берилет.

2.2. Кредит боюнча акча каражаттарды уюмдун Улуттук банкта ачыл-

ган, уюмга Улуттук банк тарабынан берилген кредиттерди тейлөө үчүн каралган эсептешүү эсебине (мындан ары – эсеп) которуу күнү, кредит берилген күн болуп саналат.

2.3. Улуттук банк кредит боюнча акча каражаттарын ушул келишимге, күрөө келишимине кол койгондон жана күрөө келишимин ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөргөндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирбестен чегерет.

2.4. Кредитти пайдалангандык үчүн пайыздык чен ушул кредиттик келишим колдонулган мөөнөткө жылдык ____ (жазуу жүзүндө) пайыз өлчөмүндө белгиленет. Кредитти пайдалангандык үчүн пайыздарды эсептөө жана төлөө уюм тарабынан белгиленген төлөө графигине ылайык ай сайын ишке ашырылып турат (кредиттик келишимге карата 1-тиркеме), ал эми төлөө графиги ушул кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Пайыздар тиешелүү жобого ылайык чегерилет.

2.5. Пайыздар кредит берилген күндөн тартып (кредит берилген күндү кошо алганда) кредит төлөнгөн күнгө чейин (төлөө күнү эсепке алынбайт) жыл ичинде 365 күн жана ай ичиндеги айкын күндөрдүн санына жараша, кредит боюнча карыздын айкын калдыгына чегерилет.

2.6. Кредит боюнча карыздын негизги суммасын жана кредитти пайдалангандык үчүн чегерилген пайыздарды төлөө ушул кредиттик келишимге жана кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган карызды төлөө графигине ылайык (ушул кредиттик келишимге карата 1-тиркеме) ишке ашырылат.

2.7. Эгерде кредиттин негизги суммасын жана/же ага чегерилген пайыздарды төлөө майрам күндөрүнө, жумуш эмес күндөргө же дем алыш күндөрүнө туура келип калса, анда кредиттик ресурстардын негизги суммасы жана/же ага чегерилген пайыздар кийинки жумуш күнү төлөнөт.

2.8. Кредит боюнча негизги сумманы жана/же ага чегерилген пайыздарды төлөөгө каралган акча каражаттарын уюм Улуттук банктагы тиешелүү эсепке чегерет (негизги карыз боюнча суммалар №___ эсепке, ал эми пайыздык төлөмдөр боюнча суммалар ___ эсепке).

### 3. Кредитти пайдалануу шарттары

3.1. Уюм Улуттук банктан алган кредитти банктар аралык рынокто, валюта рыногунда жана баалуу кагаздар рыногунда операцияларды, ошондой эле өз инсайдерлери менен операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланууга укугу жок.

3.2. Ушул кредиттик келишимдин 3.1-пунктунда көрсөтүлгөн, кредитти пайдалануу жагындагы чектөөлөр уюмдардын банк-карыз алуучуларына да таркатылат. Ушул талап камтылган тиешелүү пункттар уюм менен банк-карыз алуучулар ортосунда кол коюлган келишимдерде да милдеттүү түрдө камтылууга тийиш.

3.3. Уюмдан кредит алышкан банк-карыз алуучулар мыйзам бузууларга жол бергендиги фактысы аныкталса жана ал тууралуу тиешелүү

билдирме Уюмга келип түшсө, Уюм банк-карыз алуучуга берилген кредитти кайтарып алууга жана аларга карата банк-карыз алуучулар жана уюм ортосунда түзүлгөн келишимдерде аныкталган чараларды колдонууга тийиш.

## 4. Күрөөлүк камсыздоо

4.1. Улуттук банктагы пайызсыз депозит эсебинде турган акча каражаттарына талап коюу укугу түрүндөгү нак эмес чет өлкө валютасы (АКШ доллары жана/же евро) ушул кредиттик келишим, башкы келишим боюнча уюмдун кредит боюнча негизги карыз суммасын, ага чегерилген пайыздарды, айыптык төлөм түрүндөгү туумдарды жана башка төлөөлөрдү кайтарып берүү боюнча уюмдун милдеттенмелеринин аткарылышынын камсыздоосу болуп саналат.

## 5. Башка шарттар

5.1. Ушул кредиттик келишимде каралбаган башка шарттар, тараптардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтер тиешелүү жобо жана башкы келишим аркылуу жөнгө салынат.

5.2. Ушул кредиттик келишимге карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор кат жүзүндө кошумча келишим түзүү аркылуу киргизилет жана ал ушул кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

5.3. Күрөө келишимин кошо алганда, ушул кредиттик келишим Улуттук банк менен уюм ортосунда 20___-жылдын «____»_______ №____ кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ал ар бир тарап үчүн бирден, бирдей юридикалык күчкө ээ үч анык нускада түзүлгөн. Анын бир нускасы күрөөнү каттоодон өткөргөн ыйгарым укуктуу органга берилет.

## 6. Тараптардын юридикалык даректери, реквизиттери жана кол тамгалары

**Улуттук банк:**
Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкы
Кызмат орду_________________
(кол тамгасы)_____________М.О.

**Уюм:**
Уюмдун аталышы
Бишкек шаары, _________ көчөсү.
Кызмат орду_________________
(кол тамгасы)______________М.О.

**20____-жылдын «__»_______ №____**

**Кредиттик келишимге карата 1-тиркеме**

Кредитти төлөө графиги

Кредиттин суммасы: _______________сом
Пайыздык чен (жылдык):_____%
Пайыздарды төлөө: ар айлык негизде
Эсепке алынган жыл: 365 күн
Кредиттин мөөнөтү:_____күн
Кредит берилген күн: 20__-ж. «__»______
Кредитти төлөө күнү: 20__-ж. «__»______

| **Айлар** | **Төлөө күнү** | **Пайыздарды төлөө*** | **Негизги сумманы төлөө** | **Бардыгы болуп төлөөгө** |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | **Жыйынтыгында** | | | |

* Пайыздарды эсептөөдө кредитти пайдаланган айкын күндөрдүн саны эске алынат

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы:**<br>Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы | **Уюм:** |
| Кызмат орду___________________ | Кызмат орду__________________ |
| (кол тамгасы)_______________М.О. | (кол тамгасы)_______________М.О. |

**«Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга сунушталуучу кредиттер жөнүндө» башкы келишимге карата 2-тиркеме**

**20___-жылдын «__»_______ №_____ кредиттик келишимге карата күрөө келишими**

Бишкек шаары № _______ 20__-жылдын «__»_________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттукбанкынынатынан,«КыргызРеспубликасынынУлуттукбанкыжөнүндө» мыйзамдын жана 20____-жылдын «__»______ №_____буйруктун негизинде иш алып барган ________________________ бир тараптан жана мындан ары «Уюм» деп аталуучу ____________________________атынан уставдын негизинде иш алып барган _________________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар депозиттик эсептерди ачуу келишими боюнча талап коюу укугуна төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түзүштү.

## 1. Келишим предмети

1.1. Күрөө кармоочу күрөө коюучуга _______ сом (суммасы жазуу жүзүндө) өлчөмүндө кредит берген. Кредитти жана ал боюнча чегерилген пайыздарды төлөөнүн акыркы мөөнөтү «Евразияэкономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жобонун алкагында 20___-жылдын «__»_______түзүлгөн №___ кредиттик келишимде (мындан ары – кредиттик келишим) жана тараптар ортосунда кол коюлган, 20___-жылдын «__»_______№___ башкы келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө келип жетет.

1.2. Күрөө коюучу кредиттик келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуу максатында, күрөө кармоочуга күрөө коюучу менен Улуттук банк ортосунда 20___-жылдын «__»_______түзүлгөн №____ банктык эсеп ачуу келишими боюнча (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында чет өлкө валютасында депозиттик эсепти ачуу жана тейлөө келишими) акча каражаттарына талап коюу укугун (мындан ары күрөө предметин) күрөө кармоочуга толук көлөмдө өткөрүп берет.

1.3. Эсеп ачуу келишими боюнча акча каражаттары Улуттук банкта күрөө коюучунун атына ачылган _____ эсепке жайгаштырылат жана алардын өлчөмү _________ АКШ долларын/еврону түзөт (суммасы жазуу жүзүндө). Бул каражаттар кредиттик келишим мөөнөтү бүткөндөн кийин кайтарылып берилет.

## 2. Тараптардын уктары жана милдеттери

2.1. Күрөө кармоочунун укуктары жана милдеттери:

2.1.1. Күрөө коюучудан банктык аманат (депозит) ал боюнча жайгаштырылган валютанын расмий курсунун төмөндөшүнөн улам, күрөө наркы төмөндөп кеткен учурда кошумча камсыздоону сунуштоону талап кылууга.

2.1.2. Күрөө кармоочудан ушул келишимдин 1.2-пунктунда жана кредиттик келишимде белгиленген милдеттенмелердин мөөнөтүнөн мурда аткарылышын талап кылууга, эгерде бул талап аткарылбаса төмөнкү учурларда күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү аркылуу ал талапты канааттандырып алууга:

1) Күрөө коюучу кредиттик келишимдин шарттарын, талаптарын жана жоболорун бузууга жол берсе;

2) Эгерде күрөө коюучу кредиттин негизги суммасы, ага чегерилген пайыздар боюнча карызды, айыптык төлөмдөрдү (туумдарды) кошо алганда, кредиттик келишим боюнча карызды төлөй албай калса же төлөө мөөнөтүн бузган болсо;

3) Күрөө коюучу ушул келишим талаптарын жана жоболорун бузууга жол берсе;

4) Күрөө коюучу «Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жобонун шарттарын бузган болсо;

5) Ушул келишимде каралган башка учурларда.

2.1.3. Эгерде күрөө предметин сатып өткөрүүдөн түшкөн сумма күрөө кармоочунун талаптарын толук канааттандыруу үчүн жетишсиз болсо, уюмдун Улуттук банкта ачылган эсептеринен акча каражаттарын эсептеп алып коюну кошо алганда, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык анын өндүрүүнү жүргүзүү мүмкүн болгон башка мүлкүнөн жетпеген сумманы толуктап алууга.

2.1.4. Эгерде күрөө коюучу же үчүнчү тарап күрөө предметин күрөө кармоочуга өткөрүп берүүгө тоскоолдук кылса, күрөө коюучудан же үчүнчү тараптан тиешелүү мүлктү алуу үчүн бардык зарыл болгон мыйзамдуу аракеттерди көрүүгө.

2.1.5. Ушул келишим боюнча өз укуктарын үчүнчү жактарга өткөрүпберүүгө (кайтарып алуу менен же кайтарып алуусуз);

2.1.6. Ушул келишимде каралган башка укуктарга ээ болууга.

2.1.7. Күрөө кармоочу ушул келишим шарттарынын аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырууга, күрөө предметинин абалына тиешелүү маалыматтарды алып, анын бар экендигине текшерүү жүргүзүүгө;

2.1.8. Уюм тарабынан SWIFT (MT202 форматы) каналы боюнча сунушталган төлөм нускамаларынын же төлөм тапшырмасынын негизинде кредит боюнча милдеттенмелер аткарылгандан кийин күрөөлүк каражат-

тарды бошотуп берүүдө чет өлкө валютасындагы акча каражаттардын суммасын уюмдун Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы эсебине күрөөлүк камсыздоо бошотулган күнү чегерүүгө.

2.2. Күрөө коюучунун укуктары жана милдеттери:

2.2.1. Депозиттик эсепти ачуу келишими боюнча акча каражаттарын күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугусуз кандай болбосун себептер боюнча өткөрүп бербөөгө, күрөөгө койбоого;

2.2.2. Күрөө кармоочунун макулдугусуз күрөө предметинин азайып кетишине, кыскарышына, жоголушуна алып келиши мүмкүн болгон аракеттерди көрбөөгө;

2.2.3. Күрөө предметинде болуп өткөн өзгөрүүлөр, үчүнчү жактардын кемчиликтерге жол бериши ыктымалдыгы же үчүнчү жактардын ошол укуктарга карата кине коюусу тууралуу күрөө кармоочуга ал тууралуу маалым болгондон кийинки 3 күн ичинде маалымдоого;

2.2.4. Күрөө кармоочунун талабы боюнча 3 күндүк мөөнөт ичинде ага күрөө предметине тиешелүү бардык документтер менен таанышууга мүмкүндүк берип, тиешелүү маалыматтарды ага берүүгө;

2.2.5. Күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугусуз депозиттик эсепти ачуу келишимине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизбөөгө;

2.2.6. Ушул келишимде каралган башка милдеттенмелерди өзүнө алууга;

2.2.7. Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү ушул келишим шарттарына ылайык соттук эмес тартипте ишке ашырылат. Күрөө коюучу күрөө предметинен соттук эмес тартипте өндүрүүнүн жүргүзүлүшүнө жана кредит берүү жөнүндө кредиттик келишим жана ушул келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткара албай калган же талаптагыдай аткарбаган учурда, түптөлгөн жагдайдын мүнөзүнө жана себебине көз карандысыз күрөө предметинин соттук эмес тартипте сатып өткөрүлүшүн гарантиялайт гана ага толук макулдугун берет;

2.2.8. Күрөө коюучу ушул келишимге ылайык жүзөгө ашырылышы мүмкүн болгон күрөө предметин сатып өткөргөнгө чейин ошол күрөө менен камсыздалган милдеттенмелерин же анын мөөнөтүндө аткарылбай калган бөлүгүн аткарууга укуктуу.

## 3. Күрөө шарттары

3.1. Тараптар, күрөө кармоочунун ____ пайыз өлчөмүндө белгиленген күрөөлүк коэффициентин эске алуу менен күрөө коюучунун Улуттук банкта ачылган №______________ депозиттик эсебинде жайгаштырылган акча каражаттарынын Улуттук банктын АКШ доллары/евро боюнча кайра баалоо күнүнө карата расмий курсунун негизинде сомго эсептелинген калдыгы, күрөө коючунун күрөө кармоочу алдындагы кредиттик келишимге ылайык алынган кредиттик каражаттары боюнча калдыгынан төмөн болбоого тийиш экендигине макул болушту.

Күрөө кармоочу ушул пункттун биринчи абзацында каралган жоболорго ылайык келиши көз карашынан күрөө коючунун Улуттук банкта ачылган эсебинде жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыгын Улуттук банктын АКШ доллары/евро боюнча расмий курсуна ылайык кайрадан баалоону мезгил-мезгили менен жүргүзүп турууга жана кредиттик келишим боюнча кошумча күрөөлүк камсыздоону сунуштоо зарылчылыгы жөнүндө тиешелүү талап камтылган билдирмени күрөө коючуга жөнөтүүгө тийиш.

Эгерде ушул келишим колдонулган мөөнөт ичинде күрөө коючунун Улуттук банкта ачылган эсебинде жайгаштырылган сом эквивалентиндеги акча каражаттарынын калдыгы, ушул пункттун биринчи абзацына ылайык эсептелинген суммадан төмөн болуп калса жана _____ пайыздан азды түзсө, анда күрөө коючу тиешелүү талап камтылган билдирме келип түшкөндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде күрөө коючунун Улуттук банкта ачылган эсебиндеги АКШ доллары/евродо жайгаштырылган акча каражаттарын күрөө кармоочунун талабында көрсөтүлгөн суммага чейин жеткирүүгө же күрөө коюучу кредиттик келишимге ылайык күрөө кармоочудан алган кредиттин бөлүгүн жабууга милдеттүү. Мында күрөө суммасы Улуттук банктын кайра баалоо күнүнө карата АКШ доллары/евро боюнча расмий курсуна ылайык тиешелүү күрөөлүк коэффициентти эске алуу менен кредит берүү жөнүндө кредиттик келишим боюнча күрөө коючунун күрөө кармоочу алдындагы карыз калдыгынын ордун жабууга тийиш.

Улуттук банк тарабынан белгиленген АКШ долларынын/евронун расмий курсу жогорулап кеткен шартта күрөө суммасынын кайсы бир бөлүгү бошотулууга тийиш, бирок ал күрөө коючуга кайтарылып берилбейт.

3.2. Күрөө коюучу кредиттик келишимге ылайык күрөө кармоочудан алган кредит боюнча өз милдеттенмелерин аткарып жана ушул келишимдин 3.1-пунктунда каралган шарттарды сактаган учурда күрөө коючунун Улуттук банкта ачылган №_____ эсебинде жайгаштырылган акча каражаттарын күрөө кармоочунун кат жүзүндөгү макулдугу менен толугу менен же андан бөлүп алууга укуктуу.

## 4. Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү тартиби

4.1. Кредит берүү келишимине ылайык күрөө менен камсыздалган милдеттенмелер аткарылбай калган учурда, ошондой эле ушул келишимдин 2.1.2-пунктунда каралган шарттар келип чыкса жана күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү башталган учурда күрөө коючу депозиттик эсепти ачуу келишими боюнча Улуттук банкта ачылган №_____ эсебинен акча каражаттарын акцептсиз тартипте эсептеп алууга жана аларды күрөө кармоочунун эсебине которууга Улуттук банкка укукту ыйгарат.

4.2. Чет өлкө валютасында акча каражаттарын акцептсиз (талашсыз) эсептеп чыгаруу/алып коюу учурунда ошол каражаттарды күрөө кармоочунун күрөө коючуга берген кредитинин валютасына конвертациялоо (ко-

торуу) Улуттук банк тарабынан акча каражаттарын эсептен чыгаруу/алып коюу күнүнө карата белгиленген расмий курс боюнча ишке ашырылат.

4.3. Күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүүдө күрөө коючу ошондой эле, ушул келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн, күрөө предмети болуп саналган депозиттик эсепти ачуу келишими боюнча өзүнүн талап коюу укугун да ыйгарып берүүгө милдеттенет.

4.4. Күрөө предметинен болуп саналган депозиттик эсепти ачуу келишими боюнча талап коюу укугун ыйгарып берүү жагында бул келишим Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 173-беренесине жана 18-главасында камтылган талаптарга ылайык кийинкиге калтыруу шарты менен түзүлгөн. Аталган келишим боюнча талап коюу укугу ушул келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү башталгандан кийинки күнү күрөө кармоочуга өтөт.

## 5. Тараптардын жоопкерчилиги

5.1. Тараптар ушул келишим боюнча милдеттенмелерин аткара албай калган же талаптагыдай аткарбаган учурда алар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык бири-бирине келтирилген чыгымдардын ордун толуктап берүүгө тийиш.

5.2. Чыгымдардын ордун толуктап берүү күнөөлүү тарапты ушул келишимде жана кредит берүү жөнүндө кедиттик келишимде каралган милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

## 6. Башка шарттар

6.1. Күрөө кармоочуга ушул келишим боюнча укуктарды ыйгарып берүү күрөө кармоочунун макулдугусуз эле, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык ишке ашырылат.

6.2. Күрөө коюучу ушул келишим боюнча өз укуктарын жана милдеттерин күрөө кармоочунун макулдугусуз үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө укугу жок.

6.3. Ушул келишимден улам келип чыккан талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте чечилүүгө тийиш.

6.4. Ушул келишим шарттары тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча гана өзгөртүлүшү жана толукталышы мүмкүн.

6.5. Келишимди тариздетүүгө жана каттоодон өткөртүүгө кеткен сарптоолор күрөө коючунун эсебинен ишке ашырылат.

6.6. Келишим Кыргыз Республикасынын күрөөнү каттоо конторасында катталууга тийиш.

6.7. Келишимдин 6.6-пунктуна ылайык бул келишим тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарда каттоодон өткөртүлгөн учурдан тартып күчүнө кирет.

6.8. Келишим күрөө коюучу кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин колдонулат.

6.9. Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ 3 (үч) нускада түзүлгөн. Келишимдин 1 (бир) нускасы күрөө коюучуга, 1 (бир) нускасы тиешелүү каттоо органына, 1 (бир) нускасы Улуттук банкка берилет.

## 7. Тараптардын юридикалык даректери, реквизиттери жана кол тамгалары

| | |
|---|---|
| **КҮРӨӨ КАРМООЧУ:** | **КҮРӨӨ КОЮУЧУ:** |
| **Улуттук банк:** | **Уюм:** |
| Кыргыз Республикасынын | |
| Улуттук банкы | Бишкек шаары, _________көчөсү. |
| Кызмат орду__________________ | Кызмат орду_________________ |
| (кол тамгасы)_____________М.О. | (кол тамгасы)______________М.О. |

**«Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредиттерди берүүсү жөнүндө» жобого карата 2-тиркеме**

## (______________________ уюмдун аталышы) күрөөлүк камсыздоосу үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында чет өлкө валютасында депозиттик эсептерди ачуу жана тейлөө келишими

Бишкек ш. № _________ 20__-жылдын «___» ________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын негизинде иш алып барган ____________ бир тараптан жана мындан ары «Уюм» деп аталуучу __________________атынан уставдын негизинде иш алып барган ______________________________ экинчи тараптан, биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар төмөнкүлөр боюнча ушул келишимди түзүштү:

## 1. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга 20____-жылдын «___»________ №___ башкы келишимге ылайык берилген кредиттерди күрөөлүк камсыздоо максатында, уюмдардын Улуттук банкта чет өлкө валютасында (АКШ доллары/евро) пайызсыз депозиттик эсептерин ачуу жана тейлөө ушул келишим предметинен болуп саналат.

1.2. Күрөөлүк камсыздоо операциялары боюнча эсептешүүлөр уюмдун Улуттук банкта чет өлкө валютасында ачылган тиешелүү пайызсыз депозиттик эсептери боюнча жүзөгө ашырылат, ошондой эле күрөөлүк каражаттарды жайгаштырууда Улуттук банктын банк-корреспонденттердеги чет өлкө валютасындагы ностро-эсептерине жана күрөөлүк каражаттарды бошотуп алууда уюмдун Улуттук банкта же коммерциялык банктарда ачылган чет өлкө валютасындагы эсептерине да тиешелүү болуп саналат.

## 2. ЖАЛПЫ ШАРТТАР

2.1. Уюм тарабынан ушул келишимде жана башкы келишимде каралган шарттар сакталган учурда күрөөлүк камсыздоо операциялары кайтарып берүү шартында ишке ашырылат.

2.2. Уюмдун ушул келишимге ылайык эсептерин тейлөө үчүн Улуттук банк АКШ доллары/евродо күрөөлүк камсыздоо үчүн анын пайызсыз депозит эсебин ачат.

2.3. Күрөөлүк камсыздоо операциялары боюнча эсептешүүлөр төлөм негиздемесин жана багытын милдеттүү түрдө туура жана так көрсөтүү менен уюмдун SWIFT эл аралык стандарттарына ылайык, SWIFT каналы боюнча (MT 202 форматы) берилген төлөм тапшырмасынын негизинде башкы келишимдин 4.6-пункту боюнча ишке ашырылат. Эгерде уюмда SWIFT системасы жөнгө салынбаса, эсептешүүлөр ушул келишимдин 4.1.2-пунктуна ылайык банктык көчүрмөлөрдү жана төлөм тапшырмаларын алуу үчүн жоопкерчиликтүү адамы аркылуу жиберилген ушул келишимге карататиркемеге ылайык төлөм тапшырмасы боюнча ишке ашырылат. Уюмдун төлөм тапшырмасы SWIFT системасы аркылуу Улуттук банкка жөнөтүлгөндөн кийин же ушул келишимге карата тиркемеге ылайык реквизиттерди өзгөртүүгө жол берилбейт.

2.4. Күрөөлүк каражаттарды бошотуу учурунда Улуттук банкка саат 12:00гө чейин келип түшкөн төлөм тапшырмалары ошол валюталоо күнү аткарылат, ал эми Улуттук банкка саат 12:00дөн кийин келип түшкөн төлөм тапшырмалары кийинки жумуш күнү аткарылат. Мында, эгерде валюталоо күнү Кыргыз Республикасында жана/же банк-корреспонденттин өлкөсүндө жумуш эмес күнү болуп саналса күрөөлүк каражаттар кийинки жумуш күнү бошотулуп берилет.

2.5. Валюталык эсептердин реквизиттери өзгөргөн шартта Улуттук банк жана уюм ал тууралуу бири-бирине ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын кол тамгасын койдуруу менен кат жүзүндө тиешелүү операциялар боюнча жыйынтыктап эсептешүүлөргө чейинки кеминде 2 (эки) жумуш күнүнөн кечиктирбестен маалымдоого милдеттенишет.

2.6. Башкы келишимге ылайык уюмга берилген кредиттик каражаттардын күрөөлүк камсыздоосунан болгон чет өлкө валютасындагы акча каражаттары уюм тарабынан ушул келишимге ылайык анын Улуттук банкта ачылган пайызсыз депозит эсебине Улуттук банк жана уюм күрөө келишимине кол койгонго чейинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде которулууга тийиш.

2.7. Уюмдун Улуттук банктагы ушул келишимге ылайык ачылган пайызсыз депозиттик эсептеринде жайгаштырылган чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын суммасы Улуттук банктын макулдугу боюнча гана көбөйтүлүшү же азайтылышы мүмкүн.

## 3. ЭСЕПТЕРДИ АЧУУ, АЛАРДЫН АТАЛЫШЫ ЖАНА БАГЫТЫ

3.1. Ушул келишимге ылайык Улуттук банк уюмду тейлөө максатындаал үчүн чет өлкө валютасындагы пайызсыз депозиттик эсептерди ачат.

3.2. Эсептердин аталышы:

– (уюмдун аталышы) АКШ долларында ачылган күрөөлүк камсыздоо үчүн депозиттик эсеп;
  АКШ долларында ачылган эсептин №___________________;

– (уюмдун аталышы) евродо ачылган күрөөлүк камсыздоо үчүн депозиттик эсеп;

Евродо ачылган эсептин №______________________.

Эсептердин багыты: уюмга башкы келишимге ылайык берилген кредиттик каражаттардын күрөөлүк камсыздоосунан болгон чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын эсебин жүргүзүү.

3.3. Улуттук банк уюмдун ушул келишимдин 3.2-пунктунда көрсөтүлгөн эсептердеги каражат калдыгына пайыз чегербейт.

## 4. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**4.1. Уюм төмөнкүлөргө милдеттүү:**

4.1.1. Ушул келишимде белгиленген күрөөлүк камсыздоо операцияларын жүргүзүү шарттарын так сактоого жана Улуттук банк алдында өз милдеттенмелерин таанууга;

4.1.2. Уюмдун башкы келишимдин 2.3-пунктунда жана ушул келишимдин 3.2-пунктунда көрсөтүлгөн эсептерде турган акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу болгон адамдардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн кол тамга үлгүлөрү түшүрүлгөн эки карточканы Улуттук банкка берүүгө. Уюмдун банктык көчүрмөлөрүн, төлөм тапшырмаларын жана башка документтерин алууга жоопкерчиликтүү болгон адамга уюмдун атынан берилгенишеним каттыУлуттук банкка сунуштоого.

4.1.3. Улуттук банк менен күрөө келишимине кол койгонго чейинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде күрөөлүк камсыздоодон болгон акча каражаттарынын суммасынын Улуттук банктын кредиттери боюнча күрөөлүк камсыздоо үчүн Улуттук банкта чет өлкө валютасында ачылган пайызсыз депозит эсебине чегерилишин камсыз кылууга.

4.1.4. Күрөөлүк камсыздоо бошотулган күнү SWIFT системасы боюнча же ушул келишимдин 2.4-пунктунда көрсөтүлгөн регламентке ылайык келишимге карата тиркеменин негизинде төлөм тапшырмасын Улуттук банкка сунуштоого.

4.1.5. Төлөм тапшырмасында көрсөтүлгөн реквизиттердин туура көрсөтүлгөндүгү жана маалыматтардын тактыгы үчүн жоопкерчиликти өзүнө алууга. Реквизиттердин туура эмес же так көрсөтүлбөгөндүгүнө байланыштуу бардык чыгашаларды жана тобокелдиктерди өзүнө алууга.

4.1.6. Эсептерге акча каражаттарынын чегерилишине жана андан алынышына, алардын ушул келишимдин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн эсеп багытына ылайык максаттуу пайдаланылышына контролдук кылууга.

4.1.7. Улуттук банктын кат жүзүндөгү талабы боюнча эсептердеги калдык суммаларды тастыктоого жана ар бир айдын акырында, ар айлык негизде эсептер боюнча өз ара такташууну кат жүзүндө же электрондук формада ишке ашырууга.

4.1.8. Юридикалык дарегинин жана/же телефон номерлеринин өзгөргөндүгү тууралуу маалыматты 2 (эки) календардык күн ичинде кат жүзүндө сунуштоого.

4.1.9. Улуттук банктын банк-корреспонденттеринин которуулары үчүн чыгашаларды, ошондой эле ушул келишимдин талабын аткарууга байланыштуу үчүнчү жактардын кызмат көрсөтүүлөрүнө, комиссиялык төлөмдөрүнө жана башка талаптарына төлөөлөр боюнча Улуттук банк тарткан айкын чыгашалардын ордун толуктап берүүнү кошо алганда, уюмдун төлөмдөрүнүн жокко чыгарылышына жана алар боюнча териштирүүлөрдү жүргүзүүгө кеткен бардык чыгашаларды уюмдун эсептеринен бир тараптуу негизде ошол күнгө карата расмий курс боюнча талашсыз эсептеп алып коюу укугун Улуттук банкка сунуштоо аркылуу төлөөгө. Улуттук банк бул тууралуу кат жүзүндөгү билдирмени кийинчерээк уюмга жөнөтүүгө тийиш.

4.1.10. Төлөм тапшырмалары туура эмес тариздетилгендигинен же эсеп реквизиттери туура эмес көрсөтүлгөндүгүнөн улам, Улуттук банк уюмдун төлөм тапшырмасын аткаруудан баш тарткан учурда ага талап койбоого. Туура эмес толтурулган төлөм тапшырмалары берилгенден кийинки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен бул тууралуу банкка телефон аркылуу маалымдалууга тийиш.

4.1.11. Улуттук банк алдындагы карыздарды, анын ичинде кредиттик келишимдерде (макулдашууларда) жана башкы келишимде каралган негизги сумманы, чегерилген пайыздарды, туумдарды, айыптык санкцияларды кошо алганда, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздарды өндүрүп алуу максатында, ушул келишимдин 3.2-пунктунда көрсөтүлгөн эсептерден акча каражаттарын бир тараптуу негизде талашсыз эсептеп алып коюуга Уюм Улуттук банкка укук чегерет.

**4.2. Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

4.2.1. Ушул келишимдин негизинде уюмга күрөөлүк камсыздоо үчүн АКШ долларында/евродо пайызсыз депозит эсебин ачууга;

4.2.2. Ушул келишимде белгиленген күрөөлүк камсыздоо операцияларын жүргүзүү шарттарын так сактоого.

4.2.3. Уюм тарабынан SWIFT (МТ202форматы) каналы боюнча сунушталган төлөм нускамаларынын же төлөм тапшырмасынын негизинде күрөөлүк каражаттарды бошотуп берүүдө чет өлкө валютасындагы акча каражаттардын суммасын ушул келишимге карата тиркемеге ылайык уюмдун Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы эсебине күрөөлүк камсыздоо бошотулган күнү чегерүүгө.

4.2.4. Уюмдун кат жүзүндөгү талабына ылайык эсептер боюнча көчүрмөнү ушул келишимдин 4.1.2-пунктуна ылайык банктык көчүрмөлөрдү, төлөм тапшырмаларын жана башка документтерди алуу үчүн жоопкерчиликтүү адамга сунуштоого.

4.2.5. Уюмдун кат жүзүндөгү талабы боюнча эсептердеги калдык суммаларды тастыктоого жана ар бир айдын акырында, ар айлык негизде эсептер боюнча өз ара такташууну кат жүзүндө же электрондук формада ишке ашырууга.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Тараптар ушул келишимге ылайык күрөөлүк камсыздоо операциялары боюнча өз милдеттенмелерин аткарбай койгондугу же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн толук жоопкерчиликтүү.

5.2. Тараптар ушул келишимге ылайык күрөөлүк камсыздоого байланыштуу операцияларды ишке ашырган жоопкерчиликтүү адамдар жана кызматкерлер тарабынан аткарылган иштердин тууралыгы, өз учурунда аткарылгандыгы жана купуялуулуктун сакталгандыгы үчүн толук жоопкерчиликтүү.

5.3. Улуттук банк,уюмдун же уюмду тейлөөгө алган коммерциялык банктын күнөөсү боюнча төлөм тапшырмаларынын туура эмес тариздેлинишинен жана/же эсептик реквизиттердин туура эмес көрсөтүлүшүнөн улам, чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын түшпөй калышы же кечигип түшкөндүгү үчүн жоопкерчилик тартпайт.

5.4. Улуттук банк уюм ушул келишим шарттарын бузууга жол беришинен улам ага келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 6. ФОРС–МАЖОР

6.1. Тараптар, эгерде буга жаратылыш жана техногендик кырсыктар, бөөдө кырсыктар, согуштук жаңжалдар, иш таштоолор, элдик толкундоолор, ыңкылап, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлиги органдары тарабынан ченемдик укуктук актылардын кабыл алынышы жана ушул келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышын шарттаган себептерге алып келген ар кандай кесепеттүү күтүүсүз жагдайлар келишим боюнча милдеттенмелердин толук же алардын бөлүгүнүн аткарылбай калышына алып келсе, анда алар бул жоопкерчиликтен бошотулат. Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар ушул келишим түзүлгөндөн кийин күтүүсүз келип чыккан жана тараптардын эркинен көз каранды болбогон жагдай экендиги мамлекеттик органдардын расмий документтери менен тастыкталууга тийиш.

6.2. Күтүүсүз жагдайлар келип чыккан шартта тараптар ал тууралуу жазуу жүзүндө бири-бирине эки күндүк мөөнөт ичинде маалымдоого тийиш. Билдирмеде мындай жагдайдын мүнөзүнө, алардын ушул келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышына жана аткаруу мөөнөттөрүнө таасир этиши мүмкүндүгүнө баа берүүлөр камтылууга тийиш.

6.3. Форс-мажордук жагдайлар келип чыккан учурда ушул келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу мөөнөттөрү жагдай орун алган учурга шайкешкийинкиге жылдырылышы мүмкүн.

6.4. Эгерде форс-мажордук жагдай он календардык күндөн ашуун убакыт же андан арыда уланса тараптар келишим шарттарын аткаруу жана тиешелүү макулдашууга жетишүү үчүн алгылыктуу ыкманы аныктоо максатында, кыска мөөнөттөсүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө тийиш.

6.5. Форс-мажордук жагдайлардын келип чыгышы тараптарды,ошол

мезгил аралыгында чет өлкө валютасындагы депозиттик операциялар боюнча милдеттенмелерди аткаруудан бошотпойт.

## 7. ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮ

7.1. Ушул келишимдин талаптарын аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимди иштеп чыгуумаксатында сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

7.2. Талаш маселелерди чечүүгө мүмкүн болбосо, алар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнгө салынышы зарыл.

## 8. БАШКА ШАРТТАР

8.1. Келишимге тараптардын макулдугу боюнча гана өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

8.2. Ушул келишимге карата бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор кошумча келишим түрүндө таризделинет жана кат жүзүндө толтурулуп, ага тараптар кол койгон учурда анык болуп саналат.

8.3. Тараптардын өзгөртүп түзүлүшү же жоюлушу учурунда алардын бардык укуктары жана милдеттенмелери укугу өткөндөргө өтөт.

8.4. Ушул келишимге карата тиркеме анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

8.5. Келишим тараптар ага кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет.

8.6. Тараптар, бул келишимди бир календардык айдан кечиктирбестен экинчи тарапка ал тууралуу алдын ала маалымдаган шартта жанауюм Улуттук банк алдында бардык милдеттенмелерин толук аткаргандан кийин гана бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу. Улуттук банк төмөнкү учурларда уюмга алдын ала маалымдоосуз эле бул келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укуктуу:

– уюм ушул келишимдин жана/же башкы келишимдин шарттарын бузууга жол берсе;
– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, уюм юридикалык жак катары өз ишин токтоткон болсо.

8.7. Келишим тараптардын ар бири үчүн бирден бирдей юридикалык күчкө ээ 2 (эки) нускада расмий тилде түзүлгөн.

## 9. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ ЖАНА РЕКВИЗИТТЕР

| | |
|---|---|
| **Улуттук банк:** | **Уюм:** |
| Кыргыз Республикасынын | |
| Улуттук банкы | Бишкек шаары,__________көчөсү. |
| Кызмат орду__________________ | Кызмат орду___________________ |
| (кол тамгасы)_____________М.О. | (кол тамгасы)______________М.О. |

**(______________________уюмдун аталышы)**
**күрөөлүк камсыздоосу үчүн**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында**
**чет өлкө валютасында депозиттик эсептерди**
**ачуу жана тейлөө келишимине карата**
**тиркеме**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**
**20__ -жылдын «____» ______________________**
**№____ ТӨЛӨМ ТАПШЫРМАСЫ**

☐ которуу

| | | |
|---|---|---|
| **50:Төлөөчү / Ordering customer** | Эсеп№/account # | |
| | Аталышы/name | |
| **32:Валютасы жана суммасы (сан менен жана жазуу түрүндө) / Currency and Amount** | | |
| **57: Алуучунун банкы / Beneficiary bank** | Аталышы/Name<br>Дареги/ Address | |
| **59: Алуучу (эсеп, өлкө, шаар) Beneficiary (a/c, city, country)** | Эсеп№/account# | |
| | Аталышы/Name<br>Дареги/ Address | |
| **70: Төлөм багыты (алуучу үчүн маалымат) / Purpose of payment, remarks** | | |

| | |
|---|---|
| **71: Которууга тиешелүү чыгашалар/Charges** | Банк-ортомчунун жана банк алуучунун комиссиялык төлөмү/Commissions IBK and BBK<br>☐ РКФР (OUR)<br>Комиссиялык төлөм эсептен алынсын/to pay commissions from account # |

*Кардар тарабынан толтурулат /Filled in by customer*
*Реквизиттердин туура чагылдырылышы үчүн жоопкерчилик төлөөчүгө жүктөлөт*

**«Уюм» /Customer:**

М.О.

_______________ ___________________
**Биринчи кол тамга Экинчи кол тамга**

| ***Банктагы белгилөөлөр/For bank use only*** | |
|---|---|
| 32: Валюталоо күнү/ Value date | 201___-жылдын « ____ » _______________ |

**Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы**

Өкмөттүк эсептерди тейлөө
тобунун аткаруучусу_________
Өкмөттүк эсептерди тейлөө
тобунун контролеру __________

**Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы:**

Back-office аткаруучусу _________

Back-office контролеру___________

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-жылдын 24-августундагы № 47/2**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 19 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 8,00 пайыз өлчөмүндө (өзгөртүүсүз) белгиленсин.
2. Токтом 2015-жылдын 25-августунан тартып күчүнө кирет.
3. Экономика башкармалыгы токтом кабыл алынгандан кийинки жумуш күнү ичинде эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматын Улуттук банктын расмий веб-сайтында жайгаштырылышын камсыз кылсын.
4. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-жылдын 26-августундагы № 49\9**

## «Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө администрациялык укук бузууларга тиешелүү иштерди (дело) карап чыгуу жөнүндө» нускоо туралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кароого сунушталган «Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө администрациялык укук бузууларга тиешелүү иштерди (дело) карап чыгуу жөнүндө» нускоо (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

– бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;
– расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Күчүн жоготкон катары таанылсын:

- Улуттук банк Башкармасынын 1999-жылдын 15- апрелиндеги № 31/8 «Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө администрациялык укук бузууларга тиешелүү иштерди (дело) карап чыгуу жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтому;

- Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 25-апрелиндеги № 18/9 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтомуна карата тиркеменин 29-пункту;

- Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/16 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна карата тиркеменин 1-пункту.

5. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, адистештирилген финансы-

кредит мекемеси «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, микрофинансылык уюмдарды, кредиттик союздарды жана алмашуу бюролорун тааныштырсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л. Дж. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Улуттук банк Башкармасынын
2015-жылдын 26-августундагы № 49\9 токтомуна
Тиркеме**

## «Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө административдик укук бузууларга тиешелүү иштерди (дело) кароо жөнүндө» нускоо

Бул нускоо Кыргыз Республикасынын «Административдик жоопкерчилик жөнүндө» кодексине, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык иштелип чыккан. Нускоодо банктык мыйзамдар чөйрөсүндө административдик укук бузууларга тиешелүү иштерди жүргүзүү жол-жобосу жөнгө салынган.

### 1. Жалпы жоболор

1. Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө административдик укук бузууларга жол бергендик үчүн жоопкерчилик «Административдик жоопкерчилик жөнүндө» кодекстин (мындан ары - Кодекс) 357, 358, 359, 360, 361, 362, 363-беренелеринде каралган учурларда жана чектерде кызмат адамдарына же башка жеке адамдарга, ошондой эле юридикалык жактарга жүктөлөт.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) административдик укук бузууларга тиешелүү иштерди козгоого ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөрү (мындан ары – ыйгарым укуктуу бөлүм) болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Көзөмөл блогунун түзүмдүк бөлүмдөрү - Кодекстин 357-362-беренелеринде каралган укук бузууларга жол берүү фактысы үчүн;

2) Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы - Кодекстин 361-беренесинде каралган укук бузуулар үчүн;

3) Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы - Кодекстин 362-363-беренелеринде каралган укук бузуулар үчүн;

4) Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү – Кодекстин 357-363-беренелеринде каралган укук бузуулар үчүн.

3. Улуттук банктын буйругуна ылайык Улуттук банктын Төрагасы жана анын орун басары административдик укук бузууларга тиешелүү токтом чыгаруу аркылуу административдик укук бузууларга тиешелүү иштерди кароого жана административдик айыптык төлөмдү белгилөөгө ыйгарым укуктуу (мындан ары – ыйгарым укуктуу адам) болуп саналат.

4. Төмөнкүлөргө административдик айыптык төлөмдөр белгилениши мүмкүн:

- кызмат адамдарына же башка жеке адамдарга административдик укук бузууларга жол берилген күндөн тартып 6 айдан кечиктирилбеген мөөнөттө, ал эми укук бузуулар созулуп кеткен шартта – администраци-

ялык укук бузуулар аныкталган күндөн кийинки алты айдан кечиктирбестен;

- юридикалык жактарга административдик укук бузуулар аныкталган күндөн тартып бир жылдан кечиктирбестен.

## 2. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти козгоо тартиби

5. Ыйгарым укуктуу бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан административдик укук бузуулар орун алгандыгын тастыктаган фактыларды аныктоо административдик укук бузууга тиешелүү ишти козгоо үчүн негиз болуп саналат.

Укук коргоо органдарынан, ошондой эле башка мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, коомдук бирикмелерден административдик укук бузуулар жагдайынын орун алып жатышын көрсөткөн маалыматтар камтылган материалдардын; жеке адамдардын жана юридикалык жактардын билдирүүлөрүнүн жана өтүнүч каттарынын, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын (анын ичинде интернеттеги) административдик укук бузуулар орун алып жаткандыгын жетиштүү чагылдырган билдирүүлөрдүн негизинде административдик укук бузуулар аныкталышы мүмкүн.

Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө административдик укук бузуу фактысы аныкталган учурда ыйгарым укуктуу бөлүм тарабынан тиешелүү протокол (мындан ары - протокол) түзүлөт.

Административдик укук бузууларга тиешелүү иш төмөнкү учурдан тартып козголгон катары эсептелинет:

-административдик укук бузууларга тиешелүү протокол түзүлгөн;

-административдик укук бузууларга тиешелүү ишти козгоо жөнүндө аныктама чыгарылган учурдан тартып.Административдик укук бузуулар жөнүндө протокол жана бул боюнча ишти козгоо аныктамасы ушул нуского кошо тиркелет (1-4-тиркемелер).

6. Административдик жоопкерчиликке тартылган адам административдик укук бузуулар жөнүндө протоколго кол коюудан баш тарткан шартта, протоколдо анын себептери көрсөтүлүүгө тийиш. Административдик жоопкерчиликке тартылган адам түзүлгөн протокол боюнча түшүндүрмөлөрдү берип, сын-пикирин айтууга, ошондой эле кол коюудан баш тартууга түрткү берген себептерди көрсөтүүгө укуктуу.

7. Ыйгарым укуктуу бөлүм административдик укук бузуулар жөнүндө протоколду, административдик укук бузууларга жол берилгендигинин далилдерин камтыган башка материалдарды (документтер) жоопкерчиликке тартылган адамдын түшүндүрмөлөрү менен бирге бир күн ичинде ыйгарым укуктуу адамдын кароосуна жөнөтөт.

8. Ыйгарым укуктуу адам административдик укук бузууларга тиешелүү ишти карооого даярдоонун жүрүшүндө ал боюнча протоколдун туура эмес толтурулушун жана/же административдик укук бузууларды кароо үчүн зарыл болгон башка материалдарды тариздетүүдөгү кемчи-

ликтерди аныктаган шартта, ыйгарым укуктуу бөлүм протокол жана/же башка материалдар боюнча аныкталган бардык кемчиликтерди ыйгарым укуктуу адамдан аларды алгандан кийинки үч күн ичинде четтетүүгө тийиш. Ыйгарым укуктуу бөлүм административдик укук бузуулар боюнча протоколдо жана башка материалдарда орун алган кемчиликтер четтетилгенден кийинки бир күн ичинде аларды ыйгарым укуктуу адамга кайталап жөнөтүшү зарыл.

9. Кодекстин 363-беренесинде каралган укук бузуулар аныкталган учурда ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүм Кодекстин 508 жана 556-1-беренелерине ылайык, Кодексте жана ушул нускоодо белгиленген тартипте административдик укук бузуулар жөнүндө протокол түзөт. Административдик укук бузуулар жөнүндө протокол жана тиешлүү материалдар түзүлгөндөн кийинки күнү Кодексте каралган тартипте сотко өткөрүлөт.

## 3. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароого даярдоо

10. Ыйгарым укуктуу адам административдик жоопкерчиликке тартылган адамдын административдик укук бузууларына тиешелүү ишти кароого даярдоодо төмөнкү маселелерди тактоого тийиш:

- ошол ишти кароого ким компетенттүү экендигин;
- ыйгарым укуктуу адамдын ошол ишти кароо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жагдайлардын бар же жоктугун;
- протоколдун, ошондой эле ишке тиешелүү материалдардын так/туура толтурулгандыгын жана тариздетилгендигин;
- ишти териштирүүнү жокко чыгарган жагдайлардын бар же жоктугун;
- ишти кылдат кароого алуу үчүн материалдардын жетиштүү экендигин;
- жолдомо каттар же аларды кароодон баш тартууга түрткү берген далилдердин бардыгын/жоктугун.

11. Ыйгарым укуктуу адам административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароодо төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алат:

- ишти кароо убактысын жана ордун белгилөө жөнүндө;
- тиешелүү адамдарды чакыртуу, зарыл кошумча материалдарды талап кылуу, экспертиза өткөртүү;
- ишти кароону кийинкиге калтыруу;
- эгерде административдик укук бузуулар жөнүндө протокол же башка материалдар аларды даярдоого ыйгарым укугу жок адамдар тарабынан туура эмес түзүлгөн же тариздетилген болсо же ишти кароо учурунда аларды толуктоо мүмкүн болбогон материалдар толук эмес сунушталган шартта административдик укук бузуулар тууралуу протоколду жана башка материалдарды ыйгарым укуктуу бөлүмгө кайтаруу жөнүндө;
- эгерде тиешелүү ишти кароо алардын компетенциясына кирбесе же ыйгарым укуктуу адамды четтетүү тууралуу аныктама чыгарылса административдик укук бузууларга тиешелүү протоколду жана башка матери-

алдарды ведомствого караштуу деңгээлде чечүүгө өткөрүп берүү жөнүндө.

12. Ыйгарым укуктуу адам административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароого даярдоодо Кодекстин 549-беренесинде каралган жагдайлар орун алган болсо, токтом түрүндө ишти токтотуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

13. Ыйгарым укуктуу адам, эгерде ал административдик жоопкерчиликке тартылган адамдын, жабырлануучунун тууганы алардын мыйзамдуу өкүлү болуп саналса жана ушул Кодексте каралган башка жагдайлар орун алган шартта административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароого алууга укугу жок.

## 4. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишке катышкан адамдар

14. Административдик укук бузуулар тууралуу протокол түзүлгөн учурдан тартып, мындай ишти териштирүүгө төмөнкүлөр катыша алышат:

- административдик жоопкерчиликке тартылган адамга юридикалык жактан жардам көрсөтүү үчүн – коргоочу, өкүл (жактоочу);

- жабыр тарткан адамга юридикалык жактан жардам көрсөтүү үчүн – жабырлануучунун өкүлү («жабырлануучу» – бул, административдик укук бузууларга жол берүүнүн кесепетинен мүлктүк же моралдык жактан зыян тарткан жеке адам же юридикалык жак).

15. Коргоочу жана өкүл ишке тиешелүү бардык материалдар менен таанышып чыгууга, далилдерди келтирип, жолдомо каттарды сунуштоого, жокко чыгарууга, ишти кароого катышууга жана ушул Кодексте камтылган бардык процесстик эрежелерди колдонууга укуктуу.

16. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана аларда каралган тартипте күбөлөр, эксперттер жана башка адамдар катыша алат.

Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери эксперт катары тартылышы мүмкүн.

## 5. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароо тартиби

17. Административдик укук бузууларга тиешелүү иш ыйгарым укуктуу адамдан административдик укук бузуулар тууралуу протокол жана башка материалдар алынгандан кийинки он күндүк мөөнөт ичинде административдик жоопкерчиликке тартылган адамдын же алардын өкүлүнүн катышуусунда кароого алынат.

Административдик жоопкерчиликке тартылган адам же анын өкүлү жок болсо административдик укук бузууларга тиешелүү иш, эгерде аны кароо орду жана убактысы тууралуу өз учурунда маалымдалып, ишти кийинкиге калтыруу тууралуу ал өтүнүч менен кайрылбаган болсо, кароого алынышы мүмкүн.

18. Ыйгарым укуктуу адам эгерде административдик укук бузууларга тиешелүү ишти териштирүүгө катышкандардан өтүнүчтөр келип түшсө же иш жагдайын кошумча териштирүү зарылчылыгы келип чыкса, он күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

19. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароодо милдеттүү түрдө тиешелүү протокол түзүлөт, ага административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароого алган отурумдун катчысы жана ыйгарым укуктуу адам кол коет.

Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароонун жүрүшүндө толтурулган протоколдо төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- ишти кароо күнү жана орду;
- ыйгарым укуктуу адамдын аты-жөнү, ээлеген кызмат орду;
- кайсы иш кароого алынгандыгы;
- ишти кароого катышкан адамдардын келгендиги жөнүндө маалымат;
- ишти кароодон баш тартуу, жолдомо каттар жана териштирүү жыйынтыктары;
- ишти кароого катышкан тиешелүү адамдардын түшүндүрмөлөрү, көрсөтмөлөрү, чечмелөөлөрү жана корутундулары;
- ишти кароо учурунда иликтөөгө алынган документтер.

20. Ыйгарым укуктуу адам административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароону баштоо алдында:

- ишти ким кароого алаарын, кайсы иш кароого алына тургандыгын, ким жана ал кайсы ченемдик актынын негизинде жоопкерчиликке тартылып жаткандыгын жарыялайт;
- административдик жоопкерчиликке тартылган адамдын, ошондой эле ишти кароого катышкан башка адамдардын катышып жаткандыгына ынанат;
- ишти кароого катышкандардын ким экендигин аныктап, административдик жоопкерчиликке тартылган адамдын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн (өкүлдөрүнүн), коргоочунун ыйгарым укуктарын текшерет;
- ишти кароого катышуучулардын келбей калышы себептерин териштирип, алардын катышуусуз ишти кароо же аны кийинкиге калтыруу чечимин кабыл алат;
- ишти кароого катышкан адамдарга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт;
- баш тартуулар жана өтүнүч каттар боюнча чечим кабыл алат;
- административдик укук бузуулар тууралуу протокол, зарылчылык келип чыкса башка материалдар менен тааныштырат.

21. Административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароо учурунда ыйгарым укуктуу адам туура чечим кабыл алуу максатында милдеттүү түрдө төмөнкүлөрдү териштирип алууга тийиш:

- административдик укук бузууга жол берилгенби;
- ошол адам ага күнөөлүбү;
- ал административдик жоопкерчиликке тартылууга тийишпи;
- жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жагдайлар барбы;

- материалдык зыян келтирилгенби жана иш боюнча туура чечим кабыл алуу үчүн зарыл башка жагдайлар барбы;
- административдик жоопкерчиликке тартылган адамдын түшүндүрмөлөрү жана ишти кароого катышып жаткан башка адамдардын көрсөтмөлөрү кароого алынгандыгы угулат, башка далилдер текшерилет.

## 6. Административдик укук бузууларга тиешелүү иш боюнча токтом чыгаруу тартиби

22. Ыйгарым укуктуу адам административдик укук бузууларга тиешелүү ишти кароонун жыйынтыгына ылайык төмөнкүлөр боюнча токтом чыгарат:
- айыптык төлөмдү белгилөө жөнүндө;
- ишти токтотуу жөнүндө;
- ишти ведомствого караштуу деңгээлдерге (сотторго же ошол административдик укук бузуулар үчүн административдик өндүрүүнү жүргүзүүгө, алардын өлчөмүн белгилөөгө ыйгарым укуктуу органга, кызмат адамына) өткөрүп берүү жөнүндө;

Токтомдордун, аныктамалардын формалары ушул нускоого кошо тиркелет (1-6-тиркемелер).

Токтом, ишти карап бүткөндөн кийин дароо жарыяланат.

23. Административдик укук бузууларга тиешелүү иш боюнча токтомдун көчүрмөсү ага карата токтом чыгарылган адамга тилкат жаздырып алуу менен тапшырылууга же үч күн ичинде (бул тууралуу ошол ишке тиешелүү көктөмөдө чагылдырылат) ага жөнөтүлүүгө тийиш. Токтом, белгиленген тартипте ага даттануулар келип түшпөсө, даттануу мөөнөтү бүткөндөн кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

Токтомдун көчүрмөсү жабырлануучуга да анын өтүнүчү боюнча берилиши мүмкүн.

## 7. Административдик укук бузуулар боюнча иштин жүрүшүнө жана токтомго карата даттануу тартиби

24. Административдик укук бузууларга тиешелүү ага карата иш жүргүзүлүп жаткан адам ал боюнча Улуттук банктын Төрагасына (эгерде ошол ишти кароо Улуттук банктын Төрагасынын орун басарына тапшырылган болсо) же сотко даттанууга укуктуу.

Ага карата иш жүргүзүлүп жаткан адам даттанууну кароо учурунда өз укугун коргоо үчүн ошол ишке байланыштуу протоколдордун жана материалдардын көчүрмөсүн алууга укуктуу.

